



Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,

Айың менен күнүңдүн
Бир өзүнөн бүткөндөй,
Тоңу туткту кара жер
Жеринен түтөкөндөй!..

63.3(2Ки)
М-

# "МАНАС АТА" күмбөзү

Мунур
Мамбеталиев



Книга должна быть возвращена
не позже указанного здесь срока

Колич. предыдущ. выдач

...кватасы

...болсоң,
...ди,

...ди!

...-Көл бар,

...ғын,
...ын!
...н,

...ин, -
...!

...н!

63.3(2Ки)
М 97

МҮНҮР МАМБЕТАЛИЕВ

# «МАНАС АТА» КҮМБӨЗҮ ТУУРАЛУУ БАЯН

Бишкек
«Учкун»
2004

97928

ББК 63.3(2Ки)
М - 97

**Мамбеталиев М.**
М - 97 «Манас Ата» күмбөзү тууралуу баян.
- Б.: «Учкун», 2004-48 б.

*Китептин чыгышына демөөрчүлүк кылган ОсОО "Робин" фирмасынын президенти С.Машаллахка жана "Учкун" Акционердик коомунун президенти К.Иманалиевге автор ыраазычылык билдирет.*

ISBN 9967-413-52-2

Китепчеде Кыргыз Улуттук «Манас Ордо» комплексинин жаралыш башаты болгон, эң негизги тарыхый-архитектуралык эстелик катары эсептелген «Манас Ата» күмбөзүнүн тарыхы менен бирге «Манас» эпосунун 1000 жылдык маарекесинде тунгуч Президентибиз Акаев Аскардын сүйлөгөн сөзү берилди. Учкай болсо да «Манас» эпосунун жаралышы, Улуу дастанга арналган 1000 жылдык маараке тууралуу учкай кеп козголду. Ошондой эле бүгүнкү Ордодон мүмкүн болушунча толук маалымат берүү максатында 1995-жылдан бери комплексте өткөрүлгөн негизги иш-чараларды чагылдырган айрым фотосүрөттөр жана атайын тиркемелер да киргизилди. Бул китепче Кыргыз Улуттук «Манас Ордо» комплексине келишкен меймандар үчүн пайдалуу болоорунда шек жок.

ISBN 9967-413-52-2
ББК 63.3 (2Ки)
© Мамбеталиев М., 2004
© «Учкун» АК, 2004

## ТАЛАС ОБЛАСТЫНЫН ЖАНА ТАЛАС ШААРЫНЫН 60 ЖЫЛДЫК МААРАКЕСИНЕ ЖАНА КЫРГЫЗ УЛУТТУК «МАНАС ОРДО» КОМПЛЕКСИНИН 10 ЖЫЛДЫГЫНА АРНАЛАТ

Кыргыз Республикасынын Жазуучулар жана Журналисттер союзунун мүчөсү, “Манас-1000” юбилейлик медалынын ээси Мүнүр Мамбеталиевдин бул чакан баянында “Манас күмбөзүнүн” кыскача тарыхый маалыматтары баяндалып, күмбөздүн мурдагы абалы менен реставрациялангандан (1970-ж.) кийинки же бүгүнкү күндөгү көрүнүшүнө фотосүрөттөр менен түшүндүрмөлөр берилген. Китепченин башкы максаты Кыргыз Улуттук “Манас Ордо” комплексине зыяратка келген адамдарга Манас Атабыздын күмбөзү тууралуу маалымат тартуулап, түшүнүктөрүн тереңдетүү.

Күмбөздүн тарыхы изилденген эмгектерге бай. Ошондой болсо да, дагы тереңдете изилдеп, тактоолорду жүргүзүү иштери али алдыда. Тилегибиз “Манас күмбөзү” калкыбызга кызмат өтөп, анын ыйык касиети, эли-журтубузду колдоп, келечекке жол көрсөткөн Кыдыр болсун деген эле тилек.

Баянда көптөгөн тарыхый маалыматтар кыскача берилди, ой-толгоолорду чакан китепчеге сыйдырууга да мүмкүн болбоду. Ошондуктан сиздерден кечирим суроо менен Манас изилдөөчүлөрдүн толук кандуу материалдарынан тереңирээк тааныш болушуңуздар талапка ылайык болмокчу.

УЛУУ АДАМДАР МАНАС ТУУРАЛУУ:

“Манас” дастаны - кыргыз калкынын бирегей романтикалык төл чыгармасы. Анын башкы каарманы - “Баатыр Манас”. *Чокан Валиханов.*

“Манас” - туушкан кыргыз элинин кылымдар бою жазуусуз ырдалып, урпактан-урпакка келе жаткан орошон зор этикалык туундусу”. *Мухтар Ауэзов.*

“Манас” - чынында эле кыргыз элинин көп кылымдык тарыхында элдин күзгүсү, элдин үнү болгон”. *Аскар Акаев.*

“Манас” - Кыргыз рухунун туу чокусу”. *Чыңгыз Айтматов.*

Баатыр “Манас” эпосу - кыргыз элинин болгон поэтикалык чыгармачылык байлыгынын синтези жана туу чокусу”. *Саул Абрамзон.*

“... Манаска мусулман баатырларынын эч кимиси тең эмес”. *Василий Радлов.*

“...Манас-адабий образ катары доорго тиешелүү”... *Евгений Поливанов.*

*“Алтын менен күмүштүн,*
*Ширеесүнөн бүткөндөй.*
*Асман менен жериңдин,*
*Тиреесүнөн бүткөндөй.*
*Айың менен Күнүңдүн*
*Бир өзүнөн бүткөндөй.*
*Алды калың кара жер,*
*Жердигинен түткөндөй”...*

(“Манас” эпосунан)

## “МАНАС” - КЫРГЫЗ РУХУНУН ӨЧПӨС ЖЫЛДЫЗЫ”.

**АСКАР АКАЕВ**

*Кыргыз Республикасынын Президенти*

Илимпоздордун эмгектери жана бизге белгилүү эзелки жазма булактар кыргыздар Борбордук Азиядагы эң байыркы калктардын катарына кирээрин кадиксиз күбөлөйт. Тарых барактарында кыргыздар жөнүндө маалымат биздин эрага чейинки 2 кылымдан, башкача айтканда, мындан эки миң жылдан ашуун мезгилден бери карай кезигет.

Өзүнүн ушундай замандарды карыткан узак сапарында биздин эл не бир эстен кеткис кезеңдерди баштан кечирбеди. Мелмилдеген Евразия мейкиндерине шамал менен жарышып ат ойнотуп, орошон дөөлөт, улуу журт курган күрдөөлдүү учурлары да болду. Бирде

көкөлөгөн жылдызы көктөн тайып, таруудай чачылып, бири тентип Каңгайга, бири каңгып Алтайда, бири кетип Эренге, бири түшүп тереңге, тополоңу тоз болгон не бир алаамат күндөр өттү. Ал ортодо "Манаста" айтылгандай, "тоо бузулуп сай болуп, сай козголуп тоо болуп, сайда саны, кумда изи жоголуп, эчен кылым эл өттү". Ошондо да элибиз элдигин жоготпой, калк арасынан "кулаалы таптап куш кылган, курама жыйып журт кылган" Манастай эрендер чыгып, ата-бабанын арбагы, элдин-жердин намысы деп, алар кылымдар бою кас жоолор менен кырчылдашып кармашып келди.

Ушундай удургуган оома-төкмөл көчмөндүү турмушуна ата-бабаларыбыз кезинде кат чийип, китеп жазуу өнөрүн көп учурда жоготуп алып, көргөн-билгенин, уккан-туйганын, баштан кечиргенин урпактан урпакка улуу баян, узун сөз кылып, кылымдар бою мурастап жүрүп отурду. "Манас" калкыбыздын мына ошол карт тарых, катаал тагдыр таржымалын кайталангыс поэзия тили менен көркөм баян эткен көөнө дастандардын эң дарканы жана теңдешсиз залкары.

**Эпостун өзүнүн тили менен айтканда "Манас" - бул:**

*"Уламадан уккан сөз,*
*Угуттанып чыккан сөз.*
*Арбын жомок-толгон сөз,*
*Ат көтөргүс болгон сөз.*
*Эрендерден алган сөз,*
*Энчи болуп калган сөз.*
*Карылардан алган сөз,*
*Калк ичинде калган сөз.*
*Белес-белден бороондоп,*
*Беш удургуп өткөн сөз.*
*Кылымдардын кыйырынан*
*Кыл чайнаган кыргызга*
*Желдей тарап кеткен сөз.*

Ошон үчүн, урматтуу агайындар, бүгүнкү күндө улуу мурас "Манас" дастанын даңазалап, айкөл Манас Атабыздын атын аздектөө менен биз элибиздин эки миң жылдык тарыхын, эркиндик, эгемендик, келечек үчүн кан төгүп, жан кыйган баатыр бабаларыбыздын арбагын эскерип, алардын кудуреттүү рухунан кубат алып, калкыбыздын эртеңки болочогу үчүн кам көрүп жатабыз десек туура болот.

Ал анткени, "Манас" биздин эл тек бир эртегинин жөн-жайын айткан эпос катары гана карабайт. "Манас" өзүнүн мазмун-маңызы жана

эзелтен элибиздин турмушунда аткарып келген озуйпа-милдеттери жагынан фольклордук-көркөм жанрдын алкагына эч сыйбайт. Кыргыздын элдик оозеки чыгармачылык казынасында “Манастан” бөлөк дагы “Кичи эпос” деп аталган жыйырмадан ашуун кенже дастандар бар. “Манастын” булардан эң негизги айырмасы - ал кечээ XX кылымдын башына чейин, элибиз үчүн кыргыз журтунун бүткүл коомдук аң-сезимин өз ичине камтыган улуттук энциклопедия катары кызмат өтөп келди. Кыргыз элинин кылымдар кыйырынан келаткан эртеги мифологиясы, дини, салт-санаасы, тарыхы, философиясы, өнөр-билими, моралы, айтор, бүт болгон рухий дасмиясы “Манаста” чыпчыргасы менен толук орун алган.

Муну таланттуу бир боорубуз Чокан Валиханов өз кезинде өтө туура баамдап таасын көрө билген.

Адатта “Манас” тууралуу сөз козголгондо, эреже катары, эмнегедир дүйнөлүк эпикалык адабияттын “Илиада” менен “Одиссея” “Махабхарата” менен “Рамаяна” сыяктуу орошон туундулары эске түшөт. Миллиондон ашуун ыр саптарын өз ичине сыйдырган залкар “Манас” дастаны дүйнөлүк эпиканын асманында чолпон жылдыздай жаркыраган ажайып феномен экени талашсыз. Анткени менен “Манас” башка эпостордо өзүнүн өлчөмсүз көлөмү боюнча гана эмес, эбегейсиз тереңдиги, теңдешсиз көркөмдүгү, кыял жеткис чабыты менен да даана айырмаланат. Бирок, менин баамымда “Манаска” тек гана бир теңдешсиз фольклордук чыгарма катары мамиле жасоо анын ашкан зор маанисин ойдогудай аңдап билүүгө мүмкүндүк бербейт. Себеби, “Манас” кыргыз үчүн кылымдар бою кыргызды кыргыздын өзүнө таанытып, тарыхтын кыйын кезеңдеринде элди өз айланасына баш коштуруп, дем берген улуттук ураан, асаба-туу, касиеттүү кудурет-күч сыяктуу роль ойноп келди.

“Манас” чындыгында адамзат тарыхынын бүтүндөй бир доорун, кайталангыс катмарын түзгөн кадимки көчмөн цивилизациянын, көчмөн маданияттын, көчмөн рухтун көз кайкыган ажайып көрүнүшү, анын бүгүнкү күнгө келип жеткен көөнөргүс мурасы, ыйык китеби, арман күүсү болуп саналат.

Бул жагынан “Манастын” кыргыз эли үчүн мааниси бүткүл христиан дүйнөсүнүн күн батыш цивилизациясынын руханий уюткусу жана ыйык китеби катары эсептелген кадимки “Библия” менен салыштырсак, балким, анча деле аша кетпестирбиз деп ойлойм. Эпостун миң жылдыгына арналган атайын катында рим Папасы Иоан Павел 2 “Манаста” адамдардын оюнда, жүрөгүндө жана турмушунда азырга чейин тирүү келаткан элдин эзелки руху камтылган”, - деп таамай айткан.

Бүгүн элибиздин сыймыгы болгон “Манас” эл аралык аренага эми гана кеңири таанылып келатат. Анын жалпы адамзаттык рухий маңызына татыктуу баа берип, Бириккен Улуттар Уюму жана ЮНЕСКО “Манастын” миң жылдыгын быйылкы дүйнөлүк орошон окуялардын катарына киргизгени да буга айкын күбө. Учурдан пайдаланып, элибиздин бул чоң салтанатын бөлүшүүгө алыстан ат арытып келип отурган ардактуу меймандарыбызга чын жүрөктөн ыраазылык билдиребиз. Элибиздин атынан чоң рахмат айтабыз!

Ардактуу агайындар, азиз коноктор! “Манастын” мазмунуна бери эле дегенде “кыргыз” деген этноним эң алгач пайда болгон байыркы гунн заманынан баштап XX кылымдын башталышына чейинки эчен бир доорлордун орошон тарыхый окуялары өз тамгасын басып, өчпөс из калтырган. Ошондуктан эпос тууралуу аны балан жылы баландай жерде келип чыккан деген сыяктуу так кесер бүтүм чыгарууга болбойт. Албетте, “Манастай”  эбегейсиз зор эпос, эгерде элдин эси-көөнүнөн кеткис кандайдыр бир зор окуя, зор тарыхый козголуш таасир этпесе, өзүнөн-өзү кайдан жаралмак эле. Кара кытайлардын, башкача айтканда, кидандардын Борбордук Азиядагы экспансиясынан улам Кыргыз мамлекетинин кыйроого кириптер болгонун окумуштуулар адатта “Манастын” түп негизин түзгөн ошондой алаамат окуя катары эсептешет. Бул окуялар тарыхта X кылымга туура келет. Улуу “Манастын” миң жылдыгы жөнүндө биз ободу мына ушундай ыңгайда гана, болгондо да, өтө шарттуу түрдө гана айталабыз.

“Манас” эпосун жыйноо, кагаз бетине жазып, изилдөө иштери өткөн кылымдын ортосунда, түндүк кыргыздар Россиянын карамагына киргенден кийин, орус окумуштуулары тарабынан башталганын белгилей өтүү керек. Мында, асыресе Ч.Валиханов менен В.Радловдун эмгеги абдан зор. Бирок, ошентсе да, “Манасты” эл оозунан чогултуу, кагазга түшүрүп жана изилдеп үйрөнүү иши Октябрь революциясынан соңку Совет доорунда гана чындап колго алынганын танууга болбойт.

“Манас” эпосу, эгерде аңдап ачкан, кагазга түшүрүп жазган, иликтеп изилдеген, жар салып насыйкаттаган, керек кезде суук сөздөн, сук көздөн коргогон эчен бир эр-азаматтардын албан эмгеги болбосо, ал эч качан азыркыдай жалпы адамзат маданиятынын таберик энчисине айланмак эмес. Ошондуктан, биз бүгүн “Манастын” миң жылдык мааракe-салтанатында, эпосту айлап-жылдап кагазга түшүргөн Каюм Мифтаков менен Ыбрай Абдырахманов, Балбай Мамай менен Жусуп Мамай, “Манас” изилдөөчүлөр Калим Рахматул-

лин менен Болот Юнусалиев, тарыхчы-этнограф Александр Бернштам менен Саул Абрамзон, лингвист-түркологдор Константин Юдахин менен Евгений Поливанов, тилчилер Касым Тыныстанов менен Кусейин Карасаев, адабиятчы Владимир Жирмунский, жазуучу жана илимпоз Мухтар Ауэзов, изилдөөчүлөр Ташым Байжиев менен Зияш Бектенов, акын-котормочулар Семен Липкин, Лев Пенковский, Марк Тарловский, акын-жазуучулар Аалы Токомбаев, Кубанычбек Маликов, адабиятчы Өмүркул Жакишев, жазуучулар Түгөлбай Сыдыкбеков, Чыңгыз Айтматов, Ашым Жакыпбеков, кинорежиссерлор Болот Шамшиев, Мелис Убукеев, Төлөмүш Океев жана башкалардын, ошондой эле Кыргыз Улуттук илимдер академиясынын Манас таануу бөлүмүнүн окумуштуулар жамаатын чын ыкыластан чыккан ыраазычылык сезим менен атай кетүүнү өзүбүздүн ыйык парзыбыз деп эсептейбиз.

Ар кандай эпос түбү келип, бул элдин эртеги замандарда өз башынан кечирген өзөктүү жашоо-турмушун эргип эскерүүсү. Өткөнгө серп салып, оомалуу-төкмөлүү дүйнөнүн түп маанисине түрө баам жүгүрткөн өткүр көзү, саралуу сөзү. Ошондуктан, “Манастай” байыркы улуу баяндын учу-кыйырсыз кенендиги менен тереңдигин жүрөккө сыйдырып, урпактан-урпакка көөнөртпөй көз алдыда тутуп, учугун улап туруш үчүн ашкан зор таланты, ташкындаган кыял-сезими, эргиген ой-санаасы бар, бир эшиткенин эзели эсинен чыгарбаган куйма кулак сөз шаалары ар заманда талап кылынган. Эзелки уламыштын үңгүсүн бой тумар сындуу боюна көтөрүп, дээрине катып, эчен бир замандардын закымына алдырбай, укумдан-тукумга жеткирип келген керемет манасчылар эл ичинен эч качан үзүлгөн эмес.

Өткөн замандардын ошондой залкар манасчылары Ырамандын ырчы уулу, Токтогул, Нооруз, Келдибек, Чоңбаш, Тыныбек, Чоюке, Найманбай, Балык жана башкалардын ысымдары азырга чейин журт арасында аңыз катары айтылат.

“Манасты” айтууда демейде манасчы кайсы бир даражада бул зор драманын автору да, койгон режиссеру да, аткарган актёру катары да роль ойнойт. Окуя кырдаалдардын кыябына, кейипкерлердин психологиялык ал-абалына жараша бүткүл турпаты, өң-чырайы, кол ишараты, аваз үнү миң өзгөрүп, миң кубулуп, бирде кубанса, бирде муңайып, бирде зар какшап ыйласа, бирде кайра чыйралып, бирде армандуу күңгүрөнсө, бирде кайра туруп буркан-шаркан түшүп, уккандарды сыйкырчыдай арбап алат. Аны менен бирге эшитип отурган элдин баары бирде күлсө, бирде ыйлап, бирде күйсө, бирде кайра терең ойго термелип, качаңкы бир болумуштун каармандары менен кадимкидей аралашып, чогуу жүргөндөй болушат.

Ушундан улам, эмнегедир акылман Платондун "Федр" аттуу диалогунда айтылып кеткен бир ибарат кеп эске түшөт. Платондун айтканына караганда, Тевт деген бир адам жазууну ойлоп таап, анан анысын Египеттин падышасына - бул адамзаттын эси-көөнүн эбегейсиз арттырууга жардам берет деп, жерге-сууга тийгизбей мактай бергенде, падыша айткан экен: "Сенин ойлоп-тапканың адамзаттын эсин өстүрбөй эле, аны кайра кедерине кетирип кемитет. Анткени, кагазга түшкөн кат жазуу - бул кан-сөлү жок, жаны жок катып калган сүрөт сыяктуу", - деп.

Анын сыңарындай, "Манасты" ойлогондо, Манасты "Манас" кылып тузун татытып турган кудуреттүү купуя сыр - дал ушул манасчылык өнөрдүн маңызында жатканына дагы бир жолу көзүң жетет. Дегеле бул өнөргө "теңи жок бир актёрдун теңдешсиз театры" деген мүнөздөмө жөн жерден берилбесе керек. Ошон үчүн, абалтан эл миллион сап "Манасты" адатта түшүндө аян берип, кайып даарыган өзгөчө касиеттүү кишилер гана ажарына чыгарып, арбыта айтып келген эмеспи.

Ошондой кайып даарыган чоң манасчылардын өкүлдөрүнөн биздин кылымда атактуу эки манасчыбыз жашап өттү. Алар - Сагымбай Орозбак уулу менен Саякбай Карала уулу. "Манастын" биздеги кийинки китеп болуп жарыкка чыккан варианттары негизинен ушул экөөнүн оозунан жазылды. Дүйнөдөн эрте кайтыш болгонуна байланыштуу Сагымбай манасчыдан эпостун биринчи гана бөлүгү жазылып калды. Ал эми океан сындуу "Манастын" миллион сабын жат билген Саякбай манасчыны болсо дүйнөлүк эпостун билерманы, орошон окумуштуу жана жазуучу Мухтар Ауэзов кезинде "азыркынын Гомери", "жыйырманчы гасырдын рапсоду" деп атаган.

Көзү тирүү чоң манасчылардан бизде азыр ушу күндө Шаабай Азиз уулу менен Каба Атабек уулу жана кытайлык кыргыздардын арасында жогоруда аты аталган залкар манасчылардын акыркы могиканы ардактуу Жусуп Мамай абабыз бар. Ал киши "Манастын" он сегиз томдон ашкан теңдешсиз вариантынын, болгондо да, өзүнөн мурдагы улуу манасчылардын мурасын иргеп, ийине келтирген үлкөн варианттын ээси. Мындай феномен эч жерде жок жана болгон да эмес. Мындай феномен өзүнүн эпикалык нарк-санатын кылымдар кыйырынан алып өтүп, үч миңинчи жылга дейре саралап сактап келген дүйнөдөгү бирден-бир эл - кыргызда гана болушу мүмкүн.

Мындан эки жарым миң жыл илгеркилер Гомер менен Гесиод гректерге өз кудайларын тааныткан, тагыраак айтканда, аларды кудайлуу кылган деп тастыкташчу экен.

Бүгүн үч миңинчи жылдын босогосунда, "Манастын" миң жылдык мааракe-салтанатында биз, кыргыздар, дагы кылымдар бою элибизди баш коштуруп, эртеңден үмүт үздүрбөй шыктандырып келген үлкөн руханий кенчибизди табериктей бапестеп колубузга тапшырган улуу манасчылардын улуу эмгегине жана эрдигине тизе бүгүп, таазим этүүгө милдеттүүбүз.

"Манастын" миң жылдык мааракеси өтүп жаткан бүгүнкү күндө да тили жаңы чыккан наристе баладан, жаш өспүрүмдөргө чейин жарыша "Манас" айтып жатышканы - Улуу Манас руху кыргыз барда, кыргыз тили жашап турганда эч качан өксүбөй, урпактардын жүрөгүндө түбөлүккө сактала берээрин айдан ачык көрсөтүүдө.

Арийне, "Манас" эпосунун дүйнөлүк маданият коруна кошулуу жана эл аралык окурман журтуна жетүү жолу оңой-олтоң болгон жок. 30-жылдардын ортосунда жана 50-жылдардын башында совет коомунда өкүм сүргөн идеологиялык-саясий кампаниялар улуу эпостун тагдырына айтаарлык терс таасирин тийгизди. Эпостун элдүүлүгүнө шек келтирилип, улутчулдуктун уюткусу катары ага ар кандай идеологиялык жалаа жабылды. Ошону менен "Манастын" миң жылдыгын өткөрүү боюнча алгач 30-жылдарда, андан соң 40-жылдардын акырында көтөрүлгөн асыл идея кыргыз эли өзүнүн эркине жана эгемендүү мамлекеттигине ээ болгон бүгүнкү күндө гана иш жүзүнө ашып отурат. Мүмкүн бул орошон окуяда жазымыштын кандайдыр бир биздин багыбызга багыштап койгон жазуусу бар чыгаар.

Эмнеси болсо да, бул жышаналуу юбилейди өткөрүү менен бирге өткөн замандарга, азыркы учурубузга жана келечегибизге байланыштуу ар түркүн ой жүгүртпөй коё албайбыз.

Миң жылдан ашуун илгери түзүлгөн Кыргыз мамлекети эмне үчүн кулап калган? Миң жылдан ашуун мезгил бою биздин эл эмне үчүн кайра биригип мамлекет кура албады? "Манастагы" таруудай чачыраган кыргыз элин бириктирүүнү көксөп зар какшаган арман-тилек кайдан келип чыккан? Миң жыл зарлап күткөн үмүтү бу күндө тарыхтын жазымышы менен өзүнөн-өзү ордунан чыгып, оомaты келип турганын Манастын бүгүнкү урпактары туура түшүнөбү? Же кан төкпөй, азап чекпей, арзан келген жеңиштин баркын жеңил баалап, ырысын көтөрө албай кетишеби?

"Манас", менимче, бизге мына ушул сыяктуу орчун суроолордун тегерегинде ой термеп, жан дүйнөбүздү аруулап, басаар жолубузду, бараар багытыбызды белгилеп алууга жардам берет. Айтор, өзүбүзчө чамгарак көтөрүп, дүйнөдөгү алыс, жакын өлкөлөр менен өзүбүзчө

алака түзүп, үч миңинчи жылдыкка баш коёр алдында - ата-бабаларыбыздын тарыхый тажрыйбасына жана рухий мурасына астейдил саресеп салып, “Манастан” үйрөнө турган асыл өрнөктөрүбүз, ачуу сабактарыбыз эң эле арбын. Андан азыркы адамзат турмушунун не бир көйгөйлүү жагдайлары, коомдук, саясий, этикалык, ыймандык, экологиялык жана жалпы философиялык проблемалары менен үндөшүп турган көп маселелерди көрүүгө болот.

“Манас” эң оболу кыргыз эли өзгөнү өзгө деп өгөйлөбөгөн өтө кең пейил, алыска да, жакынга да, кучагын жайып турган меймандос калк экенин кабарлайт. Эпосто Тынч океандан Босфорго чейинки келберсиген кең Евразиянын жүздөгөн жер-суу аттары аталат. Ошол аймакты жердеген уруу, тайпалар тууралуу эскерилет. Мунун баары биздин эл эзелтен эле мына ушул эбегейсиз мейкинди мекендеген эчен бир калайык-калктар менен тыгыз карым-катнашта болуп келгенин күбөлөйт.

Адатта “Манас” эпосу кыргыз элинин өз эркиндигин, өз эгемендигин жана улуттук ар-намысын коргоп, кылымдар бою кармашып келген баатырдык күрөшүүнүн даңазалуу баяны экени ар дайым аксиома катары айтылып жүрөт. Ошол эле учурда эпосто алыс-жакын, коңшу-колоңдор, тили буруу, дини бөлөк элдер, жеңилген жана жеңилбеген кас-жоолор менен болгон алака-мамиледе өтө маанилүү жагдай катары өзгөчө көңүл бөлүнөт. “Манаста” биздин эл бир дагы өзгө калкты бөлөк-бөтөн деп бөлбөйт, өзүнө өчөгүшкөн кас-жоо катары санабайт. Элди-элге кагыштырып, каршы кылган - бул, ириде, өз кызыкчылыгын, куру намысын биринчи орунга койгон төбөлдөр экенин кыргыз эпосу ташка тамга баскандай так жана таамай ажыратат. Ошондуктан, сүргүндө тентип, чачылган журтун кайра жыйнап, ордолуу Атаконушун табыш үчүн Манас Алтайдан Алатоого аттанганда ошо өз төбөлдөрүнөн кордук көргөн кай бир кара кытай, калмак, манжуу тайпалары кыргыздар менен кошо көчөт.

Кыргыздардын бул көчү өзүнүн санжыргалуу шаң-салтанаты жана жол азабы жагынан эзелки еврейлердин Египет туткунунан Ханаанга сапар тарткан улуу көчүн эске салып, ушул эпосто эпос “Библиядагыдай” бийик мааниге өсүп жетет.

Элинин тынчтыгы үчүн Манас көңүлү түз шериктердин санын көбөйтүп эңкейгенге эңкейип, алысты көздөгөн саясат жүргүзгөн. Манастын айтылуу кырк чоросунун арасында ар түркүн калктардын, атүгүл аны менен кас-жоо болуп кармашып жүргөндөрдүн өкүлдөрү да кезигет. Алар акыры келип кыргыздын бир бөлүгү болуп калат. Муну Айкөлдүн “кулаалы таптап куш кылдым, курама жыйып журт кылдым” деп айтканы да айдан ачык айгинелейт.

Кыргыздар жашаган жерлер эзелтен эле отуруктуу оазистер менен көчмөн дүйнө кесилишкен кең тилкеден орун алып, аерде этникалык курамы, жашоо мүнөзү салт-санаасы, өнүгүү деңгээли ар кандай калктардын тарыхый тагдырлары кайчылашып келгени кадимден белгилүү. Алар бирде бири-бири менен басташып-касташса, бирде кайра биригип, көчмөн жана отуруктуу мамлекеттердин кубаттуу бирикмелерин түзүшкөн. Тарыхта "Иран жана Туран дүйнөсү" деген ат менен маалым болгон бул эки жамааттын мамиле-катышында кылымдар бою кыргыздар да эң маанилүү роль ойноп келген. Кыргыздар башка элдердин маданиятын жериген эмес, тескерисинче, алар менен кеңири байланышта болуп, өз рухий казынасын байыткан. Манастын көрөр көз жанշерик жары Каныкей "Иран дүйнөсүнөн" чыккан тажик калкынын кан кызы болгону кеңири белгилүү. Ал гана эмес, эпосто Каныкей Манастын кырк чоросуна өзүнүн курдаш кыздарын ак нике кыйдырып, отуз күн улуу той, оюн-тамаша болгону айтылат.

Ушундан улам мындай бир кызык тарыхый факты эске түшөт. Тарых барактарында даңктуу Александр Македонский, бизче айтканда Искендер Зулкарнайн, биздин заманга чейин 324-жылы өзүнүн он миңден ашуун жоокери жана аскер башчылары менен өзү баш болуп Персиянын перидей сулуу кыздарына үйлөнүшкөнү жазылып калган. Ошондо атактуу Аристотелдин шакирти Александр бул окуяга философиялык-символикалык маани берип, Батыш менен Чыгышты эрдизайыптай баш коштурдум деп, дүңгүрөгөн улуу той берген экен.

Манас менен Каныкейдин, кырк чоро менен кырк кыздын никелешип, отуз күн оюн-тамаша курганы дагы биз үчүн ошо элдердин жоругу сыяктуу "Иран-Туран дүйнөсүн" жубайлардай баш коштуруп бириктирген, мааниси бийик, шааниси ыйык, ырымы зор орошон окуядай туюлат.

Кандай кызыл кыргын, сары сүргүн кармаш болбосун, Манас жеңилген жоосуна эч кордук көрсөтпөйт. Жоонун туткунга түшкөн жоокерлерин коё берет же аларды кааласа аттап-тондоп, үйлөп-жайлап, бооруна тартып алып калат. Туусу жыгылган тарап бейчеки таланып-тонолуп, зордук-зомбулукка туш болбосун деп, жоокерлерин катуу эскертет.

Ошону менен эле бирге, арийне, Манас отко салса күйбөгөн сууга салса чөкпөгөн, эч качан жаңылып жазбаган, жаздым баспаган кандайдыр бир элден бөлөкчө бүткөн, бөтөнчө касиеттүү каарман деле эмес. Манас дагы жаңылат, жазат, туура эмес иш кылат, пендечилик ышкы-

сезимге алдырат, акыры ар бир адамдын башына келүүчү тагдырдын жазмышына эл сыяктуу а деле аргасыз моюн сунат. Ошентип, Манастын санап түбүнө жеталбай келаткан адам жана тагдыр, инсан жана анын коом менен болгон алака-мамилеси, бийлик жана байлык үчүн күрөш, арамдык жана чыккынчылык сыяктуу түбөлүктүү темалардын түп-жайын козгойт. Эпос адамдардагы ич тарлык менен көрө албастык элди акыры келип кандай алаамат кейишке салаарын санаттап, урпактарга эскертүү катары сырткы жоодон ашып түшкөн Оroздунун төрт уулу менен Көзкамандардын жийиркеничтүү элесин көз алдыга тартат. Мансап, байлык үчүн дос, тууган эмес, бүт эл-журтту кыйып жиберүүдөн баш тартпаган өзөктөн чыккан өрттү, өздөн чыккан жатты азыр ушу XX кылымдын акырында да көп жерден көрсө болот.

Жеңишти бирге жеңгенден, тойду бирге тойлогондон, кандаш тууган болгондон, сүйлөгөн тили, тутунган дини бир болгондон эле адам менен адам жакындашып, жакшы санаалаш болуп кетпейт. Адамды пикирлеш кылган, жанкүйөр шерик кылган нерсе - бул асыл каситтүү акыл-эс, абийир-ариет, ынсап-ыйман, адамгерчилик. Эпостун бизге кайра-кайра какшап эскерткени да мына ушул көөнөрбөс акыйкат. Мына ушундай омоктуу негизге таянганы үчүн Манастын Кошойдой кеменгер, Бакайдай даанышман насаатчылары, Каныкейдей акылдуу жубайы, Алмамбеттей санаалаш досу менен мамилеси бекем да, таттуу да, "Катагандын кан Кошой - батасы элди байыткан, пейли жанды жарыткан, бешенеси жарык жан". Акылман абасы Бакай "алдыда жүрсө акжолтой, артта жүрсө сан колдой". Жаншерик жарынын жайын айтсак, "атадан бетер ар качан, арка болот Каныкей, иниден бетер белсенип, иш бүтүрөт Каныкей". Ал эми Алмамбет болсо "жоого кирсе жолдошу, жоголор жерде колдошу, жоо качырса жолборсу".

Ошентип, эл өзүнүн сүйүктүү баатырын эпосто көптү көргөн, башында акылы, көөдөнүндө көзү, оозунда сөзү бар илим-билимдүү, баам-парасаттуу, иш билги инсандар менен, азыркыча айтканда, адамгерчиликтүү, тубаса интеллигенттүү кейипкерлер менен бапестеп курчайт. Булар өздөрү эмес, эл үчүн күйүп-бышып, ойлогон оюн жашырып жаппай, Айкөлдүн көзүнө карабай айтып турушат. Эпосто өзгөчө орун ээлеп, өзгөчө маани берилген каарман - Алмамбет. Көтөргөн идеялык жүгү психологиялык жактан иштелиши, көркөмдүк таасири боюнча Алмамбеттин бейнеси дүйнөлүк адабияттагы кайталангыс каармандардын катарында турат. Дастандын Алмамбетке арналган бөлүмдөрүндө бу жалганга бөтөнчө жаралып келген, анысын өзү да билген, бирок ошол орошон мүмкүнчүлүгүн турмушка

ашырууга заманы жол бербеген өзгөчө инсанды өзөктү өрттөп, жүлүндү сыздаткан арман күүсү жаңырат. Бул - келберсиген кең ааламга башы батпай, жалгыздык азабын тарткан, өмүрүн саяр иш издеп, жанышерик болоор киши издеп заркаткан адамдын арманы, акыйкаттык, адилеттик үчүн ак жерден күйүп, азап тарткан асылзат адамдын айтып бүткүс арманы. Алмамбеттин арманында кыргыз эпосу дүйнөлүк эпиканын кыл чокусуна көкөлөп көтөрүлгөн. Жана бул жагдай биздин эпосту жер жүзүндөгү бардык элдердин жүрөгүнө жакын кыла турган өзгөчө жагдай. Бүтүндөй бир түбү түптүү элдер Атаконушунан айдалып, камгактай каңгып сандалганын өз көзү менен көрүп билген биздин XX кылымдын адамын эпос мээримдүүлүккө, бирөөнүн муңун түшүнгөн кең пейилдикке үндөйт.

Эпосто Манастын тегерегиндеги акылман эрлердин катарында алардан эч кем калышпаган кеменгер аялзаттардын өзүнчө бир асыл галереясы түзүлгөн. Алардын ичинен айрыкча бөлүнүп тургандары, албетте, Каныкей, Алмамбет менен Манастын энелери - Чыйырды менен Алтынай, Көкчөнүн канайымы Акэркеч, кыраан баатыр кыз Сайкал сыяктуу кайталангыс каармандар. Буларда үйдүн куту, эрдин жанышериги, баланын энеси болгон аялзаттын сулуулугу, акылы, асылдыгы тууралуу элдик элес-түшүнүктөр эсте калаарлык көрк-кунары менен эң сонун чагылдырылган.

"Манас" дастанынын баштан-аяк тепчип өткөн дагы бир жалпы адамзаттык тема - ата менен баланын ортосундагы өз ара мамиле маселелери. Эпосто Манастын атадай тутунуп туу туткан адамдары Бакай, Кошой, Акбалталар. Ал эми өз атасы Жакып болсо эпосто элдин эркиндиги үчүн жанын сайган туугандарынын, зарлап жүрүп көргөн карачечекей уулунун улуу максатын түшүнбөй, эл намысына өзүнүн күнүмдүк көр оокатын жогору койгон тайкы, керек болсо баласын, эл-журтун, эркиндигин да садага чабууга даяр турган ачкөз, өзүмчүл жанбактынын классикалык образы. Атажуртуна кайта оролгонуна, эл-жерге азаттык келгенине өкүнүп, Жакып: жайнаган түмөн мал кайда, өндүрдүү Алтай жер кайда, кабыргалаш турчу элек, кара кытай эл кайда, Манас", - деп кайра күнкор болсо да, Алтайда айдоодо малы тынч, жаны тынч жаткан күндөрүн эңсеп зар ыйлайт.

Ал эми Жакыпка окшогон, көз каранды болсок да, кечээги турмуш жакшы эмес беле, эгемендиктен табаарыбыз эмне деп, эмдигиче боштондуктун чыныгы баасын түшүнүшө албай жүргөндөр азыр да четтен табылат. Улуу "Манас" дастаны бизге бул жагынан да көңүлгө алаарлык көп нуска айтып тургансыйт.

"Манас" эпосу ириде баатырдык эпос катары эсептелээри жалпыга маалым. Ошондуктан, анда кызыл кыргын, кара сүргүн салгылаш, согуш темасы негизги орундардын бирин ээлери табигый иш. Бирок, ошентсе, эпосто мына ушунун баарысы, чексиз Аалам астында жеңишин да - жеңилишин да экөө бирдей опоосуз курдалбас экенин ачык түшүнүп, сай-сөөктү сыздаткан муң-зар угулат.

"Чоң казаттан" кайткандагы жаралуу Манастын үч баатырын жоктоп өксүгөнү, ал ыйласа - кайың ыйлап, тал ыйлап, калың журттун баары ыйлап, аза күтүп турганы "Манастын" согушка каршы маңызын айдан ачык күбөлөйт.

Манасты жоктоп боздогон акылман Кошой аба, "токсонго чыккан кары өлбөй, эмне үчүн Манастай эрен эрте өлөт?" - деген өз суроосуна жооп табалбайт. Эмне үчүн бу дүйнөдө периштедей тазалык, баладай баёолук, жакшылыкты аркалаган ак ниет дайыма жабыр тартат да, арамдык, жүзү каралык, пастык үстөмдүк кылат?

Мына ушул кейиштүү суроолор "Манаста" баштан-аяк коңгуроодой кагылып, добулбастай жаңырган бүтпөс суроолор. "Манасты" изилдөөчүлөр адилет белгилеп жүргөндөй, бул эпостун көптөгөн эпизоддору, чындыгында да Шекспир жазган трагедиялардын башатында тургандай. Демек, жер үстүндө кыргыз барда, адамзат жашап турганда "Манастын" ыры да, сыры да эч качан бүтпөйт.

Ошондуктан, биз кыргыздар, ардактуу Чыңгыз Айтматов агайыбыз айткандай, "Алатоо койнунда кылымдан-кылымга жашап келген кыргыз баласы бул дүйнө үчүн нени берди, адамзаттын өнөрүнө, маданиятына нени кошту дегенде бирден-бир жообубуз "Манасты" берди дейбиз".

Андагы көтөрүлгөн көйгөйлөр - бүткүл адам баласынын көйгөйү, мезгил менен мейкиндикке сыйбай, улам түрүн өзгөртүп, түбөлүк жүрө берээр маселелер. Ошондуктан, бул улуу эпостун дүйнөлүк коомчулукка анчалык белгилүү болбой жатканы өкүнүчтүү. Өз асылзатыбыз менен башка элдерди кеңири тааныштыруу милдети али алдыбызда. Экинчи дагы чоң маселе - Манасты терең изилдөө. "Манасты" биз тек бир эртегинин эстелиги катары гана эсептейбиз. "Манасты" биз өзүбүздүн бүгүнкү турмушубузга түздөн-түз катышып, элди баш коштуруп, эртеңге шыктандырган жана болочокто да урпактан-урпакка ошондой боло бере турган өлбөс-өчпөс улуу рух деп билебиз.

*(А.Акаевдин "Манас-1000" Улуу маарекесинде сүйлөгөн сөзү).*

*Ж.ЧЫНАЕВ*
*Кыргыз Улуттук "Манас Ордо" комплексинин*
*Башкы директору*

## УЛУТТУК "МАНАС АТА" ОРДОСУНУН БҮГҮНКҮСҮ ЖАНА АНЫН КЕЛЕЧЕГИ

Улуу Манас Ата жөнүндөгү эпостогу айтымдар кылым тепчип улам жаңырып, толукталып, чындыкка жакындатылып, кыргыздардын түпкүлүгүндөгү эрдиктерин, басып алуучуларга келишпестиктерин ошонусу менен бирге биримдикти, Атамекенин көздүн карегиндей сактай билүүгө, үрп-адаты менен маданиятын терең дааналап көрсөтүп, биздин бүгүнкү урпактарга чейин жеткен көөнөргүс эпос.

Манастын кайталангыс эрдиктери, айкөлдүгү менен достукка бекемдиги, элин-жерин коргоодогу терең акылгөйлүгү, улууларды кадырлай, сыйлай, урматтай билгендиги кыргыздардын бүгүнкү адебине шайкеш келет. Ошондон улам кыргыздардын канында Манас Атанын тамчы каны жүрөт делинип айтылышында чындыктын үлүшү бар. Ошонусу менен кыргыз десе Манасты, Манас десе кыргызды анын тарыхый жолуна көз чаптырган адам даана сезет.

Улуу жазуучу, жердешибиз Чыңгыз Айтматов сөзү менен айтканда "Манас - кыргыз рухунун туу чокусу". Калетсиз сөз. Ушул бүгүн да узак жолго аттанганда, Манас Ата колдосун, арбагы жар болсун, эрдиги тирек болсун, осуяттары мүрөк болсун дешип дуба кылышат. Ошондон ишенич, таяныч алышып кайрат-күч, аруу дем, бакубат эрдик колдогондой бийик болушат, кадимкидей шерденишет. Мына ушунун өзүндө Манас Атага болгон анын урпактарынын урматтоосу, ишеничтери, ыйык тутушу байкалат. Ушундан улам Кыргызстандын көптөгөн кооз жерлеринде Манас аталыштар бар. Ал гана турсун Корея менен Индияда, Японияда, Европанын көптөгөн өлкөлөрүндөгү Манас аталыштар бекеринен эместир.

Эпосто айтылгандай кыргыздар Алтайдан Алатоого көчүп келгенде, кыргыздардын бир катар жерине конуп-түнөп калышканы менен, кийин Талас жергесин Манас, Бакай баш болуп жактырышып, ушул тарапка көчүп келишкен делинет. Тегерете керме тоо, андан ары ак мөңгүлүү Алатоо, тердиктин бетиндей тегиз жер, тоо сууларынан куралып өрөөндү жарып шаркырап агып жаткан "Акдайра" - Талас суусу, керемет жашыл токою менен өрөөндөрдү көркүнө

келтирген арча, карагай-черлери, жылгындуу булактары менен көркүнө көрк кошкон көк майсаң шибери, кол созсо жылдызга жеткендей бийик тоо койнундагы көк конуштары чоң таасир бергендей. Ошонусу менен Талас жерин жактырышып, алгачкы көч, болгондо да Бакай ата баштаган көч Кеңколго келип токтогон. Хан ордо (он эки канат ак өргөө) ушул керемет жайга тигилген деп айтылат. Ошол күндөн баштап, Кыргыз ордосу - Манастын ордосу Таласка орногон. Ордо Таластын чок ортосунда болуп, Ордонун чыгыш тарабындагы "Камыр" тоосунун этегиндеги бийик чоку, Манастын Кароол Чокусу болуп, анда күзөтчүлөр турушкан. Ар тараптан белгилер ушул жерге берилип, Хан Ордого маалымдалып турган. Көз жоосун алган "Кеңкол" өрөөнү кооздугу жактан башка өрөөндөрдөн айырмаланган. Анын сай-сайларындагы жынч тармал токойлору, салкын абасы, акактай тунук суулары, көк кашка тунук булактары Кырк Чоронун күнөстүү жайлары болгон. Бүгүн да ошол калыбында. Анда азыр да "Чачыкенин булагы", "Бакай үңкүр", "Бакай дөбө", "Каныкей апанын булагы" ж.б. көптөгөн аталыштар бар. Алардын ар биринин тарыхый мааниси тереңде. "Манас", "Семетей" эпосторуна байланыштуу далилдүү жайлар эпосту толуктап турат. "Жылгындуу Кеңкол, кең Талас, жер соорусу турбайбы" делинип "Манас" эпосунда бекер айтылбагандай.

Манас Ата кырк чоролору менен элин, жерин коргоого тээ "Чоң казатка" касиеттүү Таластан, Кеңколдогу Хан Ордодон аттанган. Аккулага колтуктап мингизип, ак тилек жолдоп, Манас Атаны Каныкей апа узаткан эмеспи. Мына ушул ордодо "Кулаалы таптап куш кылган, курама жыйып журт кылган" Манас.

Манас Ата Бээжиндеги согушта кырк чоролорунан айрылып, Аккула окко учуп, өзү Коңурбайдын уурданып сайган найзасынан улам жарадар болуп ордого кайткан. Баатыр көз жумганда акылдуу эне Каныкей анын күмбөзүн ушул ордо турган жерге, касиеттүү "Кеңкол Ата" өрөөнүнүн оозундагы Кароол Чокунун оң капшытына эзилбей турган топурак таптыртып, алтымыш эркечтин майына жуурутуп, элжурттан усталарды жыйдырып, айкөлгө кылымдап тураар эстеликти кынаптатып кызыл кирпич менен койдурган. Баатырга душманы көп болоор, өч алаары чыгаар кыязда "Көрдөн сууруп чыкпасын, даңгыттарга сүйрөп салбасын" деп, ар кандай айла-амалдарды да ойлогон. Кыргыз Ордосу - "Манас Ордосу" ошентип учтан-түпкө көөнөргүс эстелик болуп калган.



97928

Кыргыздардын ыйык эстелиги - Манас күмбөзү ошол мезгилден баштап бүгүнкү күнгө чейин касиетин бөксөртпөй келет. Зыярат кылуучу жай болуп, Алладан тилек тилегендер, денсоолугунан азап чеккендер сакайышып, баласы жогу бала көрүп, душмандашкандар достошуп, ыркы кеткендер ымалага келишип, жаңы үйлөнгөндөр зыяратка барышып, чатакташкандар табышып, кетирген күнөөлөрүнөн тазаланышып дегендей таризде рухий дүйнөсүн жаңыртышат. Бул болсо Манас Атага деген эли-журтубуздун бийик урматы. Ага болгон ишеним-касиеттин, ишеним-ыйыктыктын түптүүлүгү.

Албетте "Манас Ата" күмбөзү алгачкы мезгилинде башкараак болгон чыгаар. Бирок тээ илгерээкте калктын (зыяратка келгендердин) көбүрөөк каттамы болгону менен, кылымдан-кылым жылып, улам анын алгачкы көрүнүшү өзгөргөндүр. Анын (күмбөздүн) айлана-тегереги майыттарды коюу жайы болушу да ошондон. Тегерек чети тосулбай кароосуз калган учурлар да болгондур. Антсе дагы күмбөз Манас аталышында урабай, кулабай, жок болуп кетпей биздин күнгө жетти. Касиетин жоготпой, ар бир кыргыздын ыйык жайы бойдон калган. Катарлаш айылдардан чыккан билимдүү адамдар аны корукка алышкан жана тегерете бак-дарак отургузуп көзөмөлдөшкөн. Кийин 1923-жылы Манастын күмбөзүн көп жылдык иликтеп-изилдөөлөрдөн кийин мамлекет коргоого алган.

Айрыкча "Манас" эпосунун 1000 жылдыгын даярдоо жана өткөрүү жөнүндөгү Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин кол койгон Указына байланыштуу, күмбөздү баштапкы калыбына келтирүү, фольклордук-этнографиялык музейдин курулушун тездетилген темпте бүткөрүү, "Кароол Чокуга" чыгуучу жолдорду комплекске тиешелүү зарыл объектилерди кыска мөөнөттө сапаттуу аяктоо, музейге жакын аянттарды көрктөндүрүү, башкы трибуна менен ат майданынын курулушун тезирээк бүткөрүү сыяктуу орчундуу маселелер турган. Алар бүткүл элдик колдоого алынып, иш жогорку деңгээлде жүргөн. Анын жыйынтыгы кийин 1995-жылдын 27-28-29-августунда 69 өлкөнүн өкүлдөрү катышкан жүз миңдеген адамдардын шаңдуу майрамдоосу менен коштолгон. Анда 1000 боз үй каз-катар тигилип, көз жоосун алган.

Ошол кайталангыс ажайып ыр-музыкага бөлөнгөн, кубаныч тартуулаган укмуш көркөм керемет Улуу мааракe жөнүндө көз жарган китептер, документалдык фильмдер элдин руханий кенчине айланды. Ошентип өлкөбүздө кут конгон "Манас Ордо" комплекси жаралды.

Дүйнөгө чыйыр салган акжолтой ак тойдон кийин "Манас Ордо-

до" башкача маанай түзүлүп, күмбөзгө келүүчүлөрдүн аягы тыйылбай күндөн-күнгө арбып келет. Планетанын көптөгөн өлкөлөрүнүн өкүлдөрү б.а. Кытай Эл Республикасынын, Корея менен Япониядан, Индия менен Индонезиядан, Ирандан, Пакистан, Россия, Грузия, Азербайжан, Тажикстан, Украина, Казакстан, Белоруссия, Түркия ж.б. көптөгөн өлкөлөрдөн жана республикабыздын булуң-бурчтарынан ошол 1995-жылдан баштап 2003-жылга чейин эле 747 миң адамдар зыяратка келишип, Манас Ата ордосунун жана Манас Ата күмбөзүнүн керемет жайына ынтаа коюшуп, чоң ыраазычылыктар менен кайтышты. Меймандар ажайып жайдын кооздугуна, таза абасы менен укмуштуудай жасалган гүлзар багына, бийиктиги 23 м. келген Манас Атанын жана 40 чоронун эстеликтери камтылган "Айкөл Манас" архитектуралык-скульптуралык ансамблине, 16,0 миң даана эпоско, кыргыз тарыхына байланышкан экспонаттарга бир жагынан таңкалышса, бир жагынан кыргыз элинин түптүүлүгүнө көңүл бөлүп ыраазычылыктарын билдирүү менен кайтышууда. Ушундан байкалып тургандай, Улуу урматтуу Президентибиз Аскар Акаевдин "Манас Ата" ордосу буйруса Мекке сыяктуу ыйык жайга айланары айкын болуп калды деген асыл ою чындыкка айланды. Кудай кааласа кыргыз журтунун жана жакынкы чет өлкөлөрдүн көңүлү "Манас Ордо" комплексине тегиз бурулуп калды десек туура болот.

Азыр "Манас Ата" ордосу гүлзарга оролууда. Анткени ушул мезгилде 4 га жерге 12423 миң түп ар түрдүү карагай, кайың, арча, мажүрүм тал, ак кайың, жемиш көчөттөрү отургузулуп, 1750 миң түп роза гүлдөрү көз жоосун алат. Манас Атанын Кароол чокусунун капталдары да жарашыктуу көркүнө көрк кошкон бак болот, ага 2,0 аянтчага мисте данектери отургузулду.

Аз эле убакыттын ичинде Манас Ордодо көзгө уруннтуктуу иштер бүткөрүлдү. Ордого кире бериштен же Аркадан баштап Түлөөканага чейин асфальт, тегерете кооз плиталар төшөлүп жасалган меймандар үчүн тротуардык жолдор, ат майданындагы трибунанын башкы бөлүгүнүн темир тунуке менен жабылып, бет маңдайына жылып туруучу сахна жасалды. Ошентип "Камыр" тоосунун "Кызыл аска" тарабы жашыл майсаңга айланды. "Манас Ордого" тиешелүү болгон Түлөөкана, Шыпаакана, Чайкана, Мечит мурдараак курулганы менен кайрадан реконструкцияланды - бул аракеттердин бардыгы зыяратка келгендердин купулуна толууда.

2003-жылдын 25-августунда Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына арналган зор салтанатты Айкөл Манастын ордосунда

ачып жатып, өлкөбүздүн тунгуч Президенти гүлгө оронгон баатырдын жана чоролордун эстеликтерине сукганып, комплексти "Улуттук пантеон" деп атады.

Айрыкча 1995-жылда өткөн Улуу тойдон кийин өрөөндө салттуу жыйындарды, майрамдык шаан-шөкөттөрдү, элдик маарекелерди бүтүндөй ушул ыйык жайда өтүү адатка айланды. Ал гана эмес Республикалык жана эл аралык фестивалдар, улуттук ат оюндары менен спорттук түрдүү таймашуулар да айтылуу Айкөл Манастын ордосунда өтүшү өтө кубанычтуу. Алсак улуу композитор, мыкты аткаруучу Атай Огомбаевдин 100 жылдыгы (2001-ж.), мыкты комузчу жана аткаруучу, обончу Шекербек Шеркулов менен Муса Баетовдун 100 жылдык (2002-ж.) эл аралык фестивалдарынын 2-3 күндөп өткөрүлүшү, ага жүз миңдеген адамдын катышышы мурда болуп көрбөгөн окуя эле. Ал эми ушуга дүйнөлүк улуу жазуучу жердешибиз Чыңгыз Айтматовдун "Гүлсарат" чыгармасы менен аталган улуттук-спорттук оюндардын жыл сайын кошо өтүшү, жеңүүчүлөргө "Волга" автомашинасынын баш байгеге коюлушу менен баалуу да, сыймыктуу да болууда. Бул сыйлыктарга фольклордун мыкты аткаруучулары менен ат жалында ойногон улакчы эр-азаматтар татыктуу болушту.

Айрыкча Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдык юбилейинин ачылыш салтанаты Улуу урматтуу Президентибиз Аскар Акаевдин катышуусу менен Кыргыз Улуттук "Манас Ордо" комплексинде болушу, анда улуттук искусствонун шедеври аталган "Манас" операсынын көргөзүлүшү, өлкөбүздүн биринчи канайымы М.Акаеванын "Үмүттүн шооласы үзүлбөйт" деген китебинин тушоо кесүү аземинин өткөрүлүшү, Эл аралык "Мээрим" кайрымдуулук фондусунун "Жаш таланттар" фестивалынын касиеттүү жайда чоң майрамга айланышы көпчүлүктүн түбөлүккө эсинде калды.

Облуста даталуу күндөргө арналган салтанаттар, жолугушуулар, алгачкы студенттерди ордодо кабыл алуу, армияга чакырылгандардын ант бериши жана аларды узатуу, карыялардын жаштар менен пикирлешүүлөрү, ар кайсы улуттагы жаңы үйлөнгөндөрдүн зыяраты, үйбүлө, небере-чөбөрөсү менен келип түлөө өткөрүү сыяктуу жакшы саамалыктар пайда болду. Эң башкысы баарыбыздын үйүбүз болгон Кыргызстандагы жашаган бардык улуттардын өкүлдөрүнүн ыйык жайга ак тилек менен келип жатышы достуктун, биримдиктин, баш кошкондуктун берекесин пайда кылууда.

"Манас Ордо" комплексинин дирекциясы тарабынан меймандарды тосуп алуу, узатуу программасы жана сценарийи бекитилген. Турист-

терлин жана зыяратчыларды "Кырк Чоронун" көпүрөсүнөн тосуп алуу менен атайын адис-илимий кызматкерлердин, баяндамачылардын нускоолору менен андан ары жол жүрүшөт. Кыргыздын каада-салты боюнча улуттук кийимчен суйкайган назик кыздар нан, гүл менен тосуп алышат жана манасчылардын эпостун айрым бөлүктөрүнөн айткандарын угушуп, жаш бийчилердин өнөрүн көрүшүп, Манас Атанын эстелигине гүлчамбар коюшат, андан ары күмбөзгө дуба окушат да, музейге келишет. Ошентип "Манас Ата" ордосу менен тереңдеп таанышуу улана берет.

"Манас Ата" ордосун мындан ары да көрктөндүрүү, жашылдандыруу жана сейрек кездешүүчү декоративдик дарактардын, гүлдөрдүн атайын питомнигин түзүү, сырттан келген зыяратчыларды, туристтерди маданияттуу тейлөө Таластагы мазарлуу, кооз жерлерди көрсөтүү, экскурсияларга алып чыгуу сыяктуу маанилүү маселелер да иштөө программаларыбыздын башкысы. Жакынкы жылдары улуттук-прикладдык искусствонун өнүгүшү үчүн көргөзмө борборду жана "Манас" эпосу фольклордук-этнографиялык музейине кошумча курулушту куруу, меймандардын талабын, табитин канааттандыруу максатында келечекте ат майданындагы көрүүчүлөр отуруучу жайдын үстүн толук чатырлап жабуу, гүлзар бактан "Кароол Чокуга" чейин канаттык жол (фуникулер) аркылуу каттамды уюштуруу, толук шарттары бар бүгүнкү талаптарга жооп берген мейманкананы куруу сыяктуу көптөгөн милдеттер бар. Алыстан келген меймандарды экскурсияга чыгуулары үчүн жакшы жабдыкталган аттар менен камсыздоо иштери колго алына баштады. 2000-жылы "Каныкей Апа" булагы делинип аталган булак мурда кароосуз калгандыктан аны эл мүдөөсүнө шайкеш болчудай деңгээлге жеткирүү иши колго алынган. Булак ордодон болгону 1,5 км алыстыкта турат. Аны ордо менен байланыштыруу үчүн асфальтталган түз жол куруу да планыбызда. Булактын суусун азырынча зыяратка келгендер гана ооз тийишүүдө. Келечекте акактай таза, тунук сууну газдалган түрүндө бутылка идиштерине куюп чыгаруу каралууда. Ал эми "Каныкей Апа" булагынын бүгүнкү күндө жашылдандыруу жана көрктөндүрүү маселесине көңүл бурулуп, зыяратка келгендердин ыйык жайына айланып баратат. Ошондой эле жакынкы жылдарда анын катарында турган "Айчүрөк Апа" булагынын да көзү ачылып, анын ыйык, тунук суусу элибизге сунуш кылынмак. Касиет даарыган "Кеңкол" өрөөнүндөгү Манас аталыштары бар кооз жерлерге чейин автоунаалар каттай турган жол

курулушу да көзөмөлгө алынган жана аны аягына чыгаруу маселеси областтык "Манас руху" программасында каралган. Келечекте бул жол курулушу келген меймандарга тартууланаары шексиз.

Албетте, жогорудагы аткарылган жана келечектеги пландаштырылган асыл иштердин дээрлик бардыгы областтык мамлекеттик администрациянын жетекчилигинин туура талабынан, катуу көзөмөлүнөн жана такай жардамынан улам болорун өзгөчө белгилегим келет.

"Манас Ата" ордосу 1995-жылы "Манас" эпосунун 1000 жылдык тоюнун өтүшүнөн баштап, калк үзбөй каттаган жайга айланып калышы келечекте көптү үмүттөндүрүп койду. Эң башкысы анын жылдан-жылга коздолуп, жакшырып баратышында гана эмес, анын ар бир келген адамдын ички дүйнөсүнүн - рухунун тазарышы менен эстетикалык бийик таасири бар экендигинде. Кайсыл улуттун өкүлдөрү келбесин ар биринде жакшы тилек, биримдиктин милтеси жанып тургандай сезилет. Алар кайтып жатышып Манас Атанын булут чалган эстелигине улам кылчак карашат. Күмбөзүнөн, тиги Кароол Чокудан кирпик ирмешпей өтүшөт.

Кыргыз Республикасынын Президенти урматтуу Аскар Акаев ордонун келечегин алдын ала сезе билип, 2001-жылдын 24-мартында атайын Указ менен ага Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы Улуттук "Манас Ордо" комплекси деген статус берди. Бул аталыштан улам Өкмөт тарабынан материалдык зор колдоолор көрсөтүлө баштады. Демек, Улуттук "Манас Ордо" комплекси буйруса гүлдөп өсүп, эли-журтубуздун талабын аркалаган ажайып жай болоору даана көрүнүп калды.

Акыйкатында айтылуу Айкөл Манастын ордосу ыймандык, руханий, маданий борбор экендиги, кыргыз журтунун бийик намысы, жаркын келечеги болору, эл аралык туризмдин жана бүткүл элдик зыяраттын уюгу катары кызмат өтөй берери айдан ачык болуп калды.

## МАНАС ЖҮРӨТ КЫРГЫЗДАРДЫН КАНЫНДА

*Ширеттирип чагылганга, жалынга,*
*Шердендирип оорчулукта жаныңда.*
*Жүрөктөрдүн толтосунда уялап,*
*Жүрөт Манас кыргыздардын канында.*

*Шек санаба, калыс кара баарына,*
*Кыргыздардын түпкү атасы барына.*

*Жер энедей, кун энедей түбөлүк,*
*Жүрөт Манас ыйманында, арында.*

*Издери бар Алатоодо, Алтайда,*
*Издери бар Энесайда, Каңгайда.*
*Коломтосу Көкө Теңир буйруган*
*Касиеттүү жер соорусу Таласта.*

*Жолдор калган "Өттөк" менен "Бешташта",*
*Жоого аттанган топтоп колду "Капкада".*
*Чыпчыргасы коробогон чындыктын,*
*Чакмак ташы турат бүгүн Таласта.*

*Даанышман эл, шайдоот мүнөз шаңында,*
*Данек болуп намыс кайнап баарында.*
*Оодарылбас, өзгөрүлбөс түбөлүк,*
*Манас жүрөт кыргыздардын жанында.*

**М.Мүнүр**

## МАНАС КӨКҮРӨКТӨРДӨ ЖАШАП КЕЛЕТ, АЛ ТҮБӨЛҮК ЖАШАЙТ

Биздин ата-бабаларыбыз тарабынан кылымдар бою түзүлгөн тарыхый жана маданий эстеликтер жашоосун улантуу менен кийинки муундардын дүйнөгө көз карашынын калыптанышына да таасирин тийгизүүдө.

Тарых жана өткөндөгү тарыхы жөнүндө кабар берүүчү булак, билимди өркүндөтүүгө, эмгекчил элдин жалпы сабатын, руханий байлыгын көтөрүүдө, аларга эстетикалык тарбия берүүдө негизги каражат болуу менен патриоттук бийик сезиминин калыптанышынын маанилүү фактору да болуп саналат.

Эл эсинде сактаган адамдардын эстеликтери - мейли ал зор курулуш болсун, мейли алгачкы адамдын от жаккан коломтосу болсун бардыгы бир сөз менен - эстелик, материалдык маданияттын эстелиги деп аталат.

Археологиялык, тарыхый-маданий эстеликтер, сүрөт, декоративдик жана монументалдык искусствонун чыгармалары, адабият менен музыкалык эстеликтери жана дагы ушул сыяктуулардын бардыгы

биздин элибиздин маданий мурасы дегенди билдирет. Көптөгөн эстеликтер азыркы маданият жана чыгармачылыктын көрүнүштөрү сыяктуу эле мурункунун таасири астында чыкты жана чыгып жатат. Ошондуктан азыркы эгемендүү Кыргызстанды, анын маданиятын кыргыз элинин өткөндөгүсүн, эстеликтерден орун алган тарыхын изилдебей туруп түшүнүү мүмкүн эмес.

Кыргыз элинин сыймыктана турган көп нерселери бар. Анын кылымдардан берки тарыхы көз каранды болбостугу үчүн жүргүзгөн күрөшү, эгемендүүлүк үчүн эңсөөлөрү , эркиндиги жана намысы үчүн болгон күрөшү өңдүү аябагандай көп мисалдар менен толгон. Элдин турмушунда болуп өткөн эң урунттуу окуялар тарых жана маданият эстеликтеринде чагылдырылат. Алар мурунку жана кийинки муундарды байланыштырган звено болуу менен бизге алардын бир бөлүкчөсү экендигибизди сездирип турат.

Байыркы эстеликтерге болгон мамиле өлкөнүн маданияттуулук деңгээлин далилдейт. Бул жагынан алганда өлкөбүздүн баа-баркы өтө жогору, анткен себеби баа жеткис мурастарды сактоо жөнүндөгү камкордук Кыргыз Республикасынын алгачкы Президенти Аскар Акаевдин камкордугуна алынып жана билгичтик менен уюштура билип, 1995-жылы “Манас” эпосунун 1000 жылдыгын белгилөө менен ага дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүнүн өкүлдөрүнүн катышуусу менен жогорку деңгээлде өткөрүлүшүн айтуу жетиштүү.

Өткөндөгүгө чек жок. Байыркы муундардын күндөлүк жана руханий турмушундагы жетишкендиктери тарыхый эстеликтерде сакталган. Ушул эстеликтердин окуп-үйрөнүлүшү ар бир элдин дүйнөлүк маданиятынын жалпы байланышына белгилүү салым кошконун көрсөтүп турат.

Өткөндөгү тарыхый мезгил азыркы замандагы шартка саясий мазмунга ээ болууда. Тарых жана маданият эстеликтеринин коомдук маанисин, аларды сактоо ишинин орчундуулугун, окуп үйрөнүүнү жана жайылтууну түшүнүү кыйын эмес.

Дүйнөлүк тарыхый эстеликтерге тете маани-маңызы терең тарахый окуяларга бай чындыкка жакын (албетте көп жагынан) Манас Атанын күмбөзү болуп эсептелет. Ал туурасында Манас эпосундагы касиеттүү “Кеңкол” өрөөнү менен жер соорусу Талас жеринин, анын кол менен жасап койгондой Алатоого уланган кырка керме тоолору, өрөөндүн чок ортосун бөлүп турган “Эчкилитоо” менен Талас дайрасы ушул бүгүн да чындыктын далили.



Кыргыз Улуттук «Манас Ордо» комплексинин жалпы көрүнүшү.



«Манастын күмбөзү» тарыхий-архитектуралык эстелик.



Комплекстин алтын дарбазасы.



«Кырк Чоро» архитектуралык-фольклордук көпүрөсү.




«Айкөл Манас» архитектуралык-скульптуралык ансамблинин бетмандай көрүнүшү.



«Манас» эпосу фольклордук-этнографиялык музейи.




Комплекстин дирекциясынын имараты.




Манас таануу борбору.



Түлөөкана.




Түлөөкананын жайкы эс алуучу жайы.




«Манас Ордо» комплексинин ачылыш салтанаты.
А.Акаев, С.Демирель, Г.Алиев, Ф.Майор. 29-август, 1995-жыл.



«Манас - 1000» Улуу маараке учурунда тигилген боз үйлөр.



Ат майданындагы «Манас - 1000» маарекесинин жалпы көрүнүшү. 29.08.1995-жыл.



«Манас - 1000» театрлаштырылган оюн-зооктон көрүнүш. 29.08.1995-жыл.




«Талас таңшыйт» Эл аралык фольклордук фестивалынын
жеңүүчүлөрүн сыйлоо учуру. Июль, 2000-жыл.



«Манас» фестивалы. Август, 1997-жыл.




Комплекстин «Аккула» ат майданындагы улуттук балбан күрөш. 2001-жыл.




«Гулсарат» Эл аралык ат оюндары. Көк бөрү. Июль, 2002-жыл.




Президент А.Акаевдин Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгынын салтанаттуу ачылышын куттуктоо учуру. Август, 2003-жыл.



Улуттук «Манас Ата» Ордосунда «Манас» операсы зор жогорулаш менен элге тартууланды. Август, 2003-жыл.



Эл аралык «Мээрим» кайрымдуулук фондусунун 10 жылдыгынын салтанаттуу ачылышы.



Фестивалдын катышуучулары кечки Ордодо. Август, 2003-жыл



Фестивалдын катышуучулары театрлаштырылган оюн-зоок көрсөтүүдө. Август, 2003-жыл.



Белгилүү манасчы А.Жуманалиев шакирттери менен.



Китептин чыгышын талкуулоо.
Демөөрчүлөр К.Иманалиев, С.Машаллах жана Ж.Чынаев. Март. 2004-жыл.

Талас шаарына жакын жерде (15 км) "Манастын күмбөзү" деп аталган XIV кылымдын архитектуралык эң мыкты эстелиги бар. Эстелик 1970-жылы жай айларында анын бүлүнгөн бөлүктөрү реконструкциялануу менен толук реставрациялоо боюнча татаал иштердин комплексин аяктаган жана алгачкы калыбына келтирилген. "Манастын күмбөзү" мамлекеттик комиссия тарабынан кабыл алынып, адистердин баалуу пикирлерине ээ болгон.

"Манас күмбөзү" туурасында сөз козгоордон мурда "Манас" эпосу жөнүндө кыскача айтуу абзел. "Манас" - кыргыз элинин баа жеткис маданий эстелиги.

Кыргыз элинин руханий жана маданий дүйнөсүн чагылдырган эстеликтердин ичинде өзгөчө орунду ушул "Манас" эпосу ээлейт.

"Манас" дүйнө жүзүндөгү эпостордун ичинен көлөмү жагынан алганда теңдешсиз чыгарма.

Бул убакка чейин дүйнөлүк адабияттын эпикалык залкар чыгармалары катары бааланып келаткан кадимки "Илиада", "Одиссея", "Шах Намэ" ж.б. "Манас" көлөмү жагынан да жогорудагы эпосторду бирге алганда 29 эсе арбын. Эң башкысы баш каармандын, эпостогу окуялардын тарыхый чындык экени менен айырмаланары жөнүндө айтып, урматтуу президентибиз Аскар Акаев эпостун биздин доорго чейин жеткен варианттарынын көркөмдүгүнө өзгөчө баа берди. Эпостун көркөмдүк каражатында кыргыз тилинин бүткүл байлыгы чагылдырылган. Дүйнөлүк маданияттын эстелиги болгон бул теңдешсиз чыгарма Саякбай Каралаевдин (Манас эпосун жаратуучулардын жана жеткиликтүү айтуучулардын бири) бир эле вариантында жарым миллиондон ашык сап жазылып алынган. Ошондой эле эпостун элүүдөн ашуун варианттары бар. Чынында эпос эпикалык көлөмү менен эле эмес, азыркы учурга дейре эл ичинде жашоосу менен да таң калтырат. Эпостун түзүлгөн мезгилинин узактыгына карабастан кандайдыр жалпы закон ченемдүүлүктөн ашып, эпосту айтуучулар азыр да мектеп окуучулары менен студенттердин арасынан чыгууда. Ушундан улам, Манасты айтууга дилгир болгон жаштардын чыгуусунун өзү эле Кыргыз элинин турмушунда эпостун таасиринин молдугун баяндайт. "Кыргыздын эпопеясы, залкар "Манас" көлөмү жагынан ушул күнгө чейин белгилүү болгон элдик эпикалык поэмалардын баарынан жогору турат" - деп белгилеген академик В.П.Жирмунский. Бул жерде окумуштуу эпостун бир гана көлөмү жөнүндө сөз кылбастан, тескерисинче, анын бөтөнчөлүгү, тактап айтканда, кыргыз эли-

нин турмушундагы маанисин, жогорку деңгээлдеги көркөмдүк формасын эсепке алган. Бул жагынан "Манас" эпосу кыргыз элинин жашоо турмушун, тарыхын, этнографиясын жана рухий байлыгын изилдөөдө негизги булактын бири болуп эсептелет.

Эпостун негизги талабы - атуулдукка, ыймандуулукка, бирин-бири кадыр тутууга, улууларды урматтоого үндөө. Манастын образы анын жакын акылмандары: Бакай, Кошой, Каныкей ж.б. элге кызмат кылуунун жогорку үлгүсү болуп саналат.

Эпосто Мекен жөнүндөгү ой-санаа да негизги орунда турат. Мисалы кыргыздардын Алтайдан туулуп-өскөн Алатоосуна көчүп келиши же Таласты сүрөттөө өңдүү эпизоддор П.Н.Берковдун эскерүүсүндө: "...Бул кыргыздардын Атамекени жөнүндөгү шаңдуу урмат гимни. Дүйнөлүк адабияттардын эң сонун үлгүлөрүндө туулуп-өскөн жерге болгон патриотизм кандай берилсе, кыргыздар көчмөн эл болгондугуна карабастан, Атажуртту жогору баалоо, аны урматтоо, чет элдик баскынчылардан аны коргоо, Мекенинен алыс болсо, аны эңсеп сагынуу идеясы өтө жогорку деңгээлде берилген..." дейт.

Өткөн кылымда кыргыздарга келген Ч.Валиханов мындай деп жазган: "Кыргыздардын эпопеясына тиешелүү жалгыз "Манас". Ар бир эл жараткан чыгармасын ардактайт. Бирок, Манаска болгон мамиле өзгөчө кыргыздар Манасты өзүлөрүнө белгилүү болгон культтардан да эң жогору коюшат. Манастын айтып, жасаган иштерин өзгөчө баалашат. Манастын жана анын акылман кеңешчилеринин иштеген иши, акылмандыгы, эрдиги, кыргыз элинин тарыхындагы спецификалык өзгөчөлүккө да байланыштуу. Анткени мурда жазуусу болбогон эл, ооз эки поэтикалык чыгармачылыкка өзгөчө баа беришкен. "Манас" эпосунун калыптанышында жана анын кеңири тарашында эпостун негизги идеясын чет душмандарга каршы элди эгемендүүлүк үчүн күрөшкө үндөө идеясы негизги себеп болгон. Кыргыз элине өз тарыхында көптөгөн баскынчылардын чабуулдарынын мизин кайтарууга туура келген. Бул жагынан алганда "Манас" эпосу элдин мүдөөсүн, тилегин чагылдырган бирден-бир чыгарма. Эпос өзүнүн жаралган күнүнөн тартып элдин сүймөнчүгү болуп келген. Эпос кыргыз элинин турмушунда саясий, идеологиялык, экономикалык кырдаалына өзүнүн изин калтыруу менен анын тарбиялык мааниси да улам кеңейген".

"Манас" чынында эле кыргыз элинин көп кылымдык тарыхында элдин күзгүсү, элдин үнү болгон. (Ал бүгүнкү күндө да өз деңгээлин-

де). Көптөгөн илимпоздордун айтымында эпос мындан миң жылдар мурда пайда болгон. Аны айтуучулардын эң биринчиси Жайсаң ырчы болгон делинет. Ал кайталангыс акын болгондугу үчүн Манасты ыр түрүндө эпоско айланткандыгын аны изилдөөчүлөр далилдеп жатышат. Жайсаң Манастын айкөлдүгүн, эрдигин кеменгер көк жалдыгын үстүртөдөн айтпастан аны ишенимдүү, окуялардын чындыгын далилдүү бергендиги менен, көркөмдөп, элестүү айтышы менен "Манас" эпосун түзүүчүсү болгондугу менен айырмаланат.

Манас жоону чапкан. Эли, журтун жоодон коргогон. Ченемсиз эрдик көрсөткөн. Биримдикти, достукту бекем туткан. Ал эми Жайсаң ырчы ушулардын баардыгын образдуу ырдап, Манастын кеменгердиги менен ченемсиз баатырдыгын бийиктен көрсөтүп, "Манас" эпосунун алгачкы вариантын түзгөн да аны өлбөс-өчпөс эпоско айланткан. Эл чыгармачылыгынын эң сонун үлгүлөрүн өзүнө сиңирген. Чынында эле ал эпопея-энциклопедия болуп эсептелет. Мында кыргыз элинин кылымдарды карыткан тарыхы, саясий күрөшү, чарбасы, салт-санаасы, этикалык, эстетикалык, медициналык, географиялык жана диний түшүнүктөрү, алар менен карым-катнаштары, Манастын жети осуяты, сүйүүсү, эл-жер үчүн кызмат кылуусу, эркиндик үчүн күрөшү жана дос күтүү салты жаш муундар үчүн үлгү болгон. Азыркы күндө да эпостун негизги темасы болгон патриотизм жаштарды Мекенди сүйүүгө тарбиялоодо өзүнүн маанисин жоготкон жок.

Кыргыз эли эпосту урматтоо менен өзгөчө керемет жайларды Манастын жана анын чоролорунун ысмы менен да байланыштырат. Буга "Манастын ак кар, көк музу" (Манас тоосу), Кошой-Коргон ж.б.у.с.

Белгилүү түркolog академик В.В.Радлов өткөн кылымдын орто ченинде бир нече ирээт кыргыз жергесинде болуп, "Манасты" жазып алган жана аны 1885-жылы кыргыз тилинде басмадан чыгарат. Кийин анын жыйнаган материалдары өзү тарабынан которулуп, ошол эле жылы Лейпцигде немец тилинде басып чыгарылган.

В.В.Радлов "Образцы Народной Литературы северных тюркских племен" (1885-ж) деген эмгегинин бешинчи томунун кириш бөлүгүндө "Манас" - элдин мүдөөсүн жана бүткүл турмушун поэтикалуу чагылдырган" деп жазган. Ал "Манас" эпосунун көркөмдүк сапатына эң жогорку баа берип, "кыргыздардан жазылып алынган текст бүтүндөй эпикалык ырдан турат. Ошондуктан анын мазмуну менен көркөмдүк сапаты мени аларды бүтүндөй ыр менен берүүгө мажбур кылды" - деген.

Профессор П.Берков Манасты изилдөө боюнча түзгөн библиографиясында көптөгөн эмгектер чыкканын белгилеген.

"Манас" жөнүндө биринчи жазуу түрүндөгү кабар XV кылымдын аягы, XVI кылымдын башына таандык. Бул кол жазма түрүндөгү "Маджиуат-Товарих" (собрание Истории) деген эмгек. Аксикенттен чыккан Сайфуддин молдо тарабынан тажик тилинде жазылган. Кол жазманын бир көчүрмөсү Санкт-Петербургдагы Мамлекеттик университеттин китепканасынын архивинде сакталуу дешет илимпоздор. "Маджиуат-Товарихтин" экинчи көчүрмөсү Кыргыз илимдер академиясынын Тил жана адабият институттун кол жазмалар фондусунда бүгүнкү күндө сакталуу.

Үстүртөдөн болсо да "Манас" эпосунун жаралышына азыраак токтолдук. Анткенибиздин себеби эпостун маани-маңызын билбей туруп, касиеттүү Манас күмбөзүнүн тарыхын билүү да оорчулук түзөөрү бышык.

"Манас" эпосу кыргыз эли үчүн ыйык да, сыймыктуу да. Ал эми "Манастын күмбөзү" түгөнгүс тарых, көөнөрбөгөн мурас. Учтан-түпкө калчу таберик, урпактар кастарлаган ыйык жай. Эли-журтубуз үчүн Манас бийик мунара болсо аны айкындап турган бирден-бир колдо турган байлык ушул күмбөз.


*Канча жылдар, канча кылым каттадды,*
*Канча баатыр, канча хандар такталды.*
*Цааналанбай өмур жолу көбунун,*
*Цареги жок, жер алдында тапталды.*

*Биз билгенден Манас Ата кумбөзу,*
*Кылымдардын, кылымдарга кубөсу.*
*Касиети болбогондо ким билет,*
*Калмак эмес кирпич тугул тирөөчу.*

## МАНАС АТАНЫН КҮМБӨЗҮ

XIV кылымдын архитектуралык эстелиги болгон, "Манастын күмбөзү" деп аталган мавзолей Таластагы "Ташарык" айылынын күн чыгыш жагынан орун алган. Күмбөз атайылап жасалган пирамида мисал "Кароол чоку" деп аталган тоонун күн батыш ыптасында. Ошол Кароол чоку эпосто кароолдор турган жай болгон делинет. Түштүк жагында "Манас Ата" тоосу, бери жактагы "Чоң Капка" тараптагы

“Каратоо” (Эчкили тоо), чыгыш жакта “Өтмөк” ашуусунда “Бакайдын Сары Ташы” кароолдо тургандар үчүн ыңгайлуу болуп, алар бирибирине кабар беришип тургандай. Кандай гана кабар берилбесин “Кароол Чоку” аркылуу Ордого кабарланып турган. Ошондон улам тарыхта “Манастын Кароол чокусу” делинген. Мавзолейдин бет маңдайындагы араб тамгалары менен жазылган жазуулары бар “Манастын күмбөзү” уникалдуу эстеликтердин бири. Ал алыстан эле көз жоосун алып, ага жакындаган сайын, анын айрым бөлүктөрү биринен сала экинчиси даана байкалып, мавзолейдин архитектуралык жалпы түзүлүшү бадырайып чыга келет.



Мавзолейдин өзү курулуштун үч объёмунун өтө устаттык менен пропорциялуу жасалуусунун натыйжасында күмбөз кандайдыр монументалдуу болуп көрүнөт.

Мында кыскараак көлөмдүү пирамида-мавзолейдин негизги, б.а. биринчи объёмду түзөт. Төрт бурчтукта орнотулган негизги объём кырдуу чатыр (купол). Үчүнчү объём бет маңдайы оймо-чиймелер менен коздолгон күмбөздүн негизги фасады. Төрт бурчтук жана анын порталы (дубалы) жогорулаган сайын ичкерет да, ушул себептен чатырдын кылда чокусу күмбөздүн бүтүндөй иштелип бүткөн точкасы өңдүү жалпы гармонияны түзөт.

Мындай пропорциялуу гармонияны түзүү чынында эле өтө кыйын. Эгерде, мисалга, мавзолейдин чатыры бир аз бийик болгондо ал өтө чоң көрүнүп, калган объёмдорду жаап калмак. Ал эми күмбөздүн чатыры жок болсо, мавзолей мукур болуп көрүнмөк. Ошондуктан күмбөздү курган байыркы зодчийлер (усталар), геометриялык жол менен негизги пропорциянын катышын өтө так түзүшкөн. Бирок орто

кылымдын архитектуралык эстеликтеринин ичинен бул мавзолей муну менен гана айырмаланбайт дешет, аны изилдөөчүлөр күмбөздөгү дагы бир өзгөчөлүк порталындагы жыш орнаменттер жана терракоталык оюлар (терракота бышырылган түстүү чопо, орнаменттүү бышырылган плиталар деген түшүнүк). Мындай плиталар илгери өтө жөнөкөй жол менен жасалганы белгилүү. Ийленген топуракка, ылайга жука жыгачтан оюлган орнаменттүү калыптарды басышкан. Чопого түшкөн оюларды же сүрөттөрдү атайын жасалган ичке бычактын учу менен дааналаган. Мунун натыйжасында рельефтүү чуңкур оюулар пайда болгон. Анан мындай плиталарды кургатып, бышырып (эпосто алтымыш серкенин майына бышырылган деген сөз бар) мавзолейди жасалгалаган.

Чынында эле күмбөздүн порталы өтө кылдат ойлонулуп, чебер жасалган. Порталдын алдыңкы бөлүгүндөгү панелде орнаменттердин негизги бөлүгүн кармап турган өңдүү "П" түрүндө жасалган рамадагы оймо-чийме алакийиздеги традициялуу оюулардан кабыл алынган сыяктуу.

Байкалып тургандай порталдын асты панель. Ал күмбөзгө кире бериш эшиктин айланасындагы "П" түрүндөгү раманы кармайт. Бул постамент порталдын бөлүктөрүн көтөрүп тургандай көрүнөт. Төмөнкү эки катар бириктирилгендиктен монолиттүү көрүнөт. Күмбөзгө кире бериштеги кичинекей тирөөчтөр жана арканын үстүндөгү үч бурчтук күмбөзгө архитектуралык мүнөз берет. "Манастын күмбөзүндөгү" аркалардын жана анын үстүндөгү үч бурчтуу тимпандардын бирдейлиги ушул үч бурчтукка салмактуу чоң розеткалардын бириктирилиши тимпандарды кандайдыр жалпы орнаментик ритмден өзгөчөлөп турат.

"Манастын күмбөзүн" кооздоодогу мындай көркөм өзгөчөлүк, изилдөөчүлөрдүн пикири боюнча XIV кылымдагы Орто Азиядагы эң мыкты эстеликтердин катарына кошот.

"Манастын күмбөзү" жөнүндөгү кабар 1897-жылда В.В.Бартольддун "1893-1894-жылдарда илимий максат менен Орто Азияга келгендиги жөнүндөгү отчет" деген эмгеги жарыкка чыккан мезгилге таандык.

Талас өрөөнүндөгү эстеликтерди окуп үйрөнүүдө Олуяаталык (азыркы Тараз шаары) краевед В.А.Каллаур революцияга чейинки мезгил ичинде белгилүү салым кошкон адам болгон.

Эстелик Орто Азиянын ири изилдөөчүсү профессор М.Е.Массон

айткандай, 1907-жылы А.С.Колесникова тарабынан биринчи жолу сүрөткө түшүрүлгөн экен. Бирок бул сүрөт жоголуп кеткен жана эч жерде жарыяланбай калган. Ошондуктан Олуя-Аталык фотограф Ф.И.Бельдермандын 1922-жылы тарткан сүрөтү күмбөздүн алгачкы сүрөтү делинет. Ф.И.Бельдермандын "Манастын күмбөзүн" тарткан сүрөттөрү мыкты жана ал кыйла макалаларды иллюстрациялап келе жатканын Манас изилдөөчүлөр көп айтышат.

1923-жылы "Манастын күмбөзү" Талас өрөөнүндөгү археологиялык башка эстеликтер менен бирге П.П.Иванов тарабынан изилденет. Ал өзүнүн 1928-жылы жарыяланган макаласында күмбөздүн архитектурасын баяндап жазуу менен аны XV кылымдан кеч эмес мезгилге таандык деп көрсөткөн. П.П.Ивановдун Талас өрөөнүнө келишинин маанилүү тыянагы "Манас күмбөзүнө" илимий коомчулуктун көңүлүн бургандыгы менен маанилүү. Ошол эле 1923-жылы күмбөз мамлекеттик коргоого алынган.

Музей иштери, байыркы искусство жана жаратылыш эстеликтерин коргоо боюнча Орто Азия комитети (Средазкомстарис) тарабынан Талас өрөөнүнө командировкага келген М.Е.Массон 1925-жылы күмбөздө ири иштердин комплексин жүргүзгөн.

М.Е.Массондун Талас өрөөнүнө келишине байланыштуу Средазкомстарис 1927-жылы күмбөздү сүрөткө түшүрүү ишин жүргүзүү менен үстүнкү бөлүгүндө адамдын ирээтсиз жаткан сөөктөрү бар кирпич табыт болгондугун аныкташкан.

Кийин 1938-жылы "Манастын күмбөзүн" СССР илимдер академиясынын Археология институтунун А.Н.Бернштамдын жетекчилиги астында Жетисуу археологиялык экспедициясы изилдеген. Экспедиция күмбөздүн ичин экинчи ирет казууга киришет. Күмбөздүн жер таманынын алдынан 1937-жылы табылган сөөктөн тышкары дагы эки жыгач табыт чыккан. Экспедициялык изилдөөлөрдөн кийин Кыргыз ССРинин архитекторлор союзу тарабынан күмбөздү ченөө иштери жүргүзүлгөн. Бул жумушту архитекторлор В.Е.Нусов менен И.Ф.Прищепа ишке ашырышкан. Күмбөздөгү иштердин жыйынтыгы 1938-жылы В.Борзуковдун "Советская Киргизия" газетасына жарыяланган макаласында айтылган.

1939-жылы Б.П.Деникенин "Орто Азиянын архитектуралык орнаменти" деген китеби жарыкка чыгып, анда "Манастын күмбөзүнүн" сырткы көрүнүшүнө анализ берилген. Күмбөз жөнүндөгү түшүнүк

жана эстеликтин сүрөтү (фото) 1939-жылы жарыкка чыккан “Советтик Кыргызстандын искусствосу” деген жыйнакта жана А.Роммдун 1941-жылы басылып чыккан “Кыргыз ССРинин сүрөт искусствосунун тарыхынын очерки” деген китебинде берилген. “Манастын күмбөзүнүн” пайда болушу, аны окуп-үйрөнүү тарыхы, архитектуралык өзгөчөлүгү жөнүндөгү маселелерге 1940-жылы “Советская Киргизия” газетасы “Манастын мазары” деген макаласын арнаган, ал биринчи ирет жарыяланган. Макаланын автору Б.П.Денике мурдагы изилөөлөрдөгү маалыматтардын негизинде күмбөздүн сырткы көрүнүшүнө мүнөздөмө берет да, анын Өзгөндөгү күмбөздөргө окшоштугун белгилейт.

1934-жылы басма сөздөргө П.П.Ивановдун “Таластын баш жагынын тарыхы жөнүндөгү маселеге карата” деген макаласы жарыяланып, анда “Манастын күмбөзүнүн” архитектурасы тууралуу айтылуу менен эстеликтин сүрөтү да басылган.

1930-жана 1940-жылдардын экинчи жарымында “Манастын күмбөзүнө” зор көңүл бурула баштайт. Ал археологдор жана архитекторлор тарабынан изилдөөчү объект болуп калат.

1936-жылы “Советская Киргизия” газетасына археолог И.Чеканинскийдин “Манас” деген макаласы жарыяланат да, макала республиканын көптөгөн окурмандарын “Манас күмбөзү” менен кабардар кылат. Макалада күмбөздүн архитектурасы, анын жайгашкан жери жана эстеликтен 8 км. Батыш жактагы Текабкет Акдөбө (Актепе) шаарынын урандысы тууралуу айтылган. Күмбөздүн тургузулган мезгили жөнүндө И.Чеканинский “XIV-XV кылымдардагы мусулмандардын өлүктү көмүү тибиндеги эстеликтерге кирет” деп белгилеген.

Кыргыз ССР эл комиссарлар советинин алдындагы илим комитети менен Б.М.Зиманын жетекчилиги астында Кыргыз педагогикалык институтунун археологиялык экспедициясы 1937-жылы күмбөздүн ичин казуу ишин биринчи болуп жүргүзгөн. Архитектура башкармасы  бул эстеликти ар тараптан изилдөө жана аны реставрациялоонун долбоорун түзүү үчүн профессор М.Е.Массонду жана искусствовед Г.А.Пугаченкованы чакырат. Пландаштырылган бардык иштер ийгиликтүү аткарылганда 1950-жылы М.Е.Массон менен Г.А.Пугаченкованын “Манастын күмбөзү” деген мыкты китеби жарык көргөн. Бул китеп көрүнүктүү күмбөз эстелик боюнча негизги эмгек катарында али да маанисин жоготкон жок.

Б.Н.Засыпкин “Манастын күмбөзү” жөнүндөгү очеркти өзүнүн “Кыргызстандын архитектуралык эстеликтери” деген китебинин кол жазмасына киргизген. Ал эми М.Е.Массон, Г.А.Пугаченкова сыяктуу эле архитектуралык анализдердин негизинде эстеликти XIV кылымдын биринчи жарымына таандык деп эсептейт.

1961-жылы В.Е.Нусов “Манастын күмбөзүн” реставрациялоонун долбоорун сунуш кылган, ал эми 1963-жылы анын ”Кыргызстандын архитектуралык эстеликтери” деген китепчеси жарыкка чыккан. Китептин бир бөлүгү “Манастын күмбөзүнө” арналган.

1968-1970-жылдарда Кыргыз ССР маданият министрлигинин реставрациялоо мастерскоюнун коллективи тарабынан уникалдуу бул эстеликти калыбына келтирүү боюнча чоң иштер бүткөрүлдү (бул тууралуу биз жогору жакта кеңири токтолдук). Кыргызстандын байыркы эстеликтерин реставрациялоонун “Манастын күмбөзүндө” жүргүзүлгөн алгачкы тажрыйбасы кыйла ийгиликтүү ишке ашырылгандыгын белгилей кетүү керек. Азыр күмбөз көрүүчүлөргө өзүнүн алгачкы кездегисиндей көрүнүүдө.

Бул эстелик жөнүндөгү жарыяланган эмгектер В.Е.Нусовдун 1971-жылы жарыкка чыккан, ”Кыргызстандын байыркы замандан биздин күндөргө чейинки архитектурасы” деген китеби жана Б.В.Помаскиндин 1972-жылы чыккан “Манастын күмбөзү” деген атайын китепчеси өтө маанилүү.

Орто кылымдагы кыргыз архитекторлорунун көрүнүктүү чыгармаларынын бири болгон “Манастын күмбөзүн” окуп-үйрөнүү тарыхы мына ушундай. Биз көрүп тургандай, күмбөз көптөгөн окумуштуулардын, изилдөөчүлөрдүн көңүлүн бурган. Бул кызыгуу толук закондуу көрүнүш. “Манастын күмбөзү” өзүнүн архитектурасы боюнча дүйнөлүк архитектура искусствосунун мыкты эстеликтери менен бир катарда тургандыгын көптөгөн окумуштуулар өз эмгектеринде баса белгилешкен.

“Манастын күмбөзү” 1840-1850-жылдары “Кеңкол” өрөөнүндө жашаган калк “Кыркказык” деген жерде (азыр Талас райоунунун “Жонарык” айылы) жашаган эки бир тууган, кембагал Жаңыберди, Эгемберди дегендерге карап турууга беришет. Алар турмушу начар болгондуктан күмбөзгө жакын жерлерди өздөштүрүп суу чыгарып, эгин эгип тирилик жүргүзүшөт. Кийин көп узабай алардын турмуштары оңоло баштайт. Буттарына туруп калганда, бизге Манас Атанын ар-

багы жардам берди дешип, күмбөздүн бүтүндөй айланасын (көрүстөндөрдү тегерете) дубал менен тостура башташат. Ошентип биринчи жолу мал тепсебеген, ыйык жай болуп калат. Андан кийин күмбөздү көзөмөлдөө Айдаралы Сопуга ишенилип берилет. Эл тарабынан кийин 1946-жылдары Талас өз алдынча облус болуп турган кезде (Обкомдун биринчи катчысы Молдогазы Токобаев деген адам, ал бир жагынан акын болгон) кыргыз элине белгилүү төкмө Алымкул Үсөнбаев келип калат. Ал экөө "Манас күмбөзүнө" келишип дуба окугандан кийин айланасын кунт коюп карап чыгышат. 1932-жылдан бери бүлүнө берип, тосмо дубалдар кулап калгандыгын көрүшөт да "Ташарык", "Акжар" айылдарынын (ал айылдар Манас күмбөзүнүн жака белинен орун алышкан) аксакалдарын чогултуп кеңеш курушат.



Теке баатыр



Алымбай

Ошондо Алымкул төкмө «Баатырдын» күмбөзүн Теке баатырга берүү керек дейт. Эл кубаттайт. Теке баатыр аксакал да көп жыл көзөмөлгө алган. Ал кишиден кийин кароолчулук Алымбай аксакалга берилген. Ал киши жакшы дыйкан болгондуктан тез эле күмбөздү айланта бак-дарак отургуза баштайт. Ага айыл аксакалдары жардамдашат. Айрыкча Манас күмбөзүнүн бүгүнкү ажайып көрүнүшү "Манас Ордо" комплекси түзүлүп, ага азыркы күндөгү башкы директору Жеңиш Чынаевдин жана башка билимдүү, уюштургуч адамдардын келиши, "Манас" эпосунун 1000 жылдыгын өткөрүү боюнча даярдыктын жүрүшү жана анын дүйнөлүк мааниде өтүшү менен көркүнө чыгууда.

“Манастын күмбөзүн” 1970-жылга чейинки турган турпаты жөнүндө айтпай коюшка болбойт. Ага Өкмөт, БК түздөн-түз колдоого ала койбогондугу тууралуу жогорку жакта учкай токтолгон элек. Анткен күндө да эл-журт ыйык жайды кастарлап, айрым ишкер адамдардын көрөгөчтүгү менен сакталып калган.

1992-жылы 26-июнда Кыргыз Республикасынын алгачкы Президенти урматтуу Аскар Акаевдин колу коюлган Указ менен “Манас” эпосунун 1000 жылдык юбилейин өткөрүү боюнча чыккан жарлык бүтүндөй калайык-калкыбызды кубанычка бөлөдү. Манас Атанын торколуу тоюн өткөрүүнү белгилөө 1938-жылдардан бери эле сөз болгону менен иш жүзүнө ашпай келген. Анын да көптөгөн себептери бар эле. Айрым чала моңол саясатчылар Манасты эзүүчү элементке салыштырып, “басып алуучу, үстөмдүк кылуучу”, “канкор” катары сыпатташса, айрымдар эл биримдигин ыдыраткан терс образга айландырышкан. Ошондуктан ошол кездеги төбөлдөр “көлөкөлөрүнөн” коркушуп, аны белгилөөгө бел байлап чыга алышпай, “жогорку” жакка жалт-жалт карап келишкен.

Качан 1990-жылдан Улуу Манас Ата көксөгөн эркиндик эгемендүүлүк колго тийгенден “эки тизгин, бир чылбыр” колго берилген күндөн баштап, жаш эгемендүү мамлекетибиз там-туң басып, өз кindигин өзү кесип, келечектин айкын жолун багыттап тирикарак боло баштаган күндөн тарта улуу Манас Атанын “жети осуятын” бийик кармап, анын атак-даңкын көкөлөттү. Указ жарык көргөн күндөн тарта торколуу тойго даярдык көрүү айыл аксакалдарынан, өкмөттүк деңгээлге чейин бийик көтөрүлгөн саясий мааниси терең маселеге айланды. Тойду уюштуруу жана жогорку деңгээлде өткөрүү боюнча Республикада “Манас-1000” дирекциясы жана Улуттук уюштуруу комитети түзүлүп, ошондой эле “Манас күмбөзү” Ишкер долбоору уюштурулду.

Облустун ар бир айылында комиссия курамдары бекитилип, жалпы элдик кыймылга айланды. Айылдарда, райондордун борборлорунда “Манас-1000” марафондору өткөрүлдү. “Манас” эпосунун 1000 жылдыгын жогорку деңгээлде өткөрүүгө карата каражаттар топтоло баштады.

Анын жөнү мындай эле. 1970-жылдары ”Манас күмбөзүнүн” реставрацияланышына байланыштуу аны көрктөндүрүү, тегерек четин тартипке келтирүү, күмбөздөн тышкары ыйык жерде музей ачуу маселеси да жетилип калган болчу.

Ушул максатта 1988-жылы апрель айында Талас районунун көрүнүктүү инсандары, кадырман депутаттар, төбөсү көрүнгөн жетекчи кызматчылардын ошол кездеги "Советтик Кыргызстан" гезитине алардын "Манастын күмбөзүн" кастарлай билсек" деген Кыргызстандын калайык-калкына кайрылуу каты басылган (аны уюштурган СССР журналисттер союзунун мүчөсү мен элем). Анда "Манас күмбөзүн" жогорку деңгээлге алып чыгуу тууралсында сөз болуп, күмбөзгө адабий этнографиялык музей ачуу айрыкча белгиленген. Кайрылуу адегенде Кыргыз Өкмөтү менен Борбордук комитетте жактырылган чечим кабыл алынган. Этнографиялык музейдин курулушу 1992-жылда башталган. Ал "Манастын күмбөзүнүн" жанына, Манастын Кароол дөбөсүнүн (чоку) этегине жайгашкан эки кабат имараттан турат. Имараттын өлчөмү 22.2х22.75м. бийиктиги 10,5 м. ашык. Төбөсүндө сегиз канат боз үйдүн өлчөмүндөгү "Туулга", ал цинктен жасалган. Дубалдарына, таманына кызыл гранит тактачалар төшөлгөн. Музейдин курулушу үчүн Кыргыз Республикасынын областтары менен райондорунда каражат топтоо боюнча жыйындар өткөрүлгөн. Ошондой жыйындардын бири "Манас күмбөзүнүн" жанында турган Акматбек Нуржанов атындагы колхоздо өтүп, чарба 35 миң сом (руб.) которуп берген жана бүтүндөй колхозчулар бир күндүк эмгек акыларын берүүнү чечишкен. Ошентип демилге бүтүндөй мекеме, уюмдар, ишканалар, мектеп окуучуларына чейин колдоого алынып, каражат топтоо башталган.

Ошол кездеги облуста иштеген кызматкерлердин демилгеси менен, "Манас-кыргыз элинин сыймыгы" деген атайын плакат даярдалып, ал жумурай-журтчулукка канатташ Казак республикасынын Жамбыл облусунун эли-журтуна да жөнөтүлгөн. Плакатта атайын ачылган эсеп-кысап счету көрсөтүлүп, ага ар тараптан каражаттар түшө баштаган. Жамбылдык боордоштордун адабий-этнографиялык музейдин курулушуна 1 млн. сом которуп бергенин кубануу менен кабыл алышкан калкыбыз. Ошондой эле Каракөл шаары жарым миллионго жакын каражат берген. Республикабыздын облустары, райондору, мекеме, уюм, ишканалары, чарбалары менен өнөр жайларынын жамааты каражат топтоого жапырт киришкен. Бул демилге "Манас күмбөзүн кадырлай билсек" аттуу Кайрылууга Кыргыз Өкмөтү, БК, кийин (1990-ж.) урматтуу Президентибиз Аскар Акаев зор көңүл бурган. 1995-жылы 31-августта өткөрүлүүчү "Манас" эпосунун 1000 жылдыгы торколуу тойго мына ошентип кызуу даярдык жүргүзүлүп,

кийин той тарыхта калаарлык деңгээлде дүйнө жүзүнүн 69 өлкөсүнөн келген өкүлдөр менен 500 миң калк чогулган той 3 күнгө созулуп, коздолгон 1000 боз үй тигилген, 12 канат бозүй Хан Ордосу болуп, шаан-шөкөт менен өткөн. Ушул тойдо оштук жердештер жасалгалап келген 3 кабат боз үй, чет элдик меймандардын жана жалпы эле тойго катышкандардын алкоосуна татыктуу болгон.

Тойго даярдык көрүү жалпы элдик ишке айланган. Камыр тоосунун белинен тартып «Кызыласка», «Кароол чокуга» чейин, бери жагы "Кеңкол" суусунун батыш жана чыгыш жээктери, күмбөздүн айланасына бак-дарак отургузулуп, көк майсаң жашыл чөпкө айланган. Мунун бардыгы эл-журттун ак тилеги менен ак эмгегинин акыбети эле.

Маарекеде куттуктоо менен чыгып сүйлөгөн: Азербайжан республикасынын президенти Гейдар Алиев, Түркиянын президенти Сулейман Демирель, ЮНЕСКОнун гендиректору Федерико Майор жана башка өлкөлөрдөн келген өкүлдөрдүн пикиринче кыргыз элине, Манастын урпактарынын меймандостугуна, адамгерчилиги менен ызаатчылдыгына, ата мурасын кадырлаган урматтоосуна, бекем ынтымагына ыраазылыктарын билдиришкен. Ошентип "Манас күмбөзү" жана адабий-этнографиялык музейдин азем имараты жана анын ички жасалгалары, мейманкана, ашкана, түлөөкана ж.б. көптөгөн курулуштар элдин каражатынын эсебинен курулган.

"Манас күмбөзүнүн" жалпы аянты 216га. Анын ичинен 8 га Манас гүлзар багына айланган. 1000 түп жемиш бактары олтургузулган. Тегереги тегиз асфальт төшөлгөн жолдор, аянттар. Кыргыздын Улуттук оюн-зооктору өткөрүлүүчү ат майдан, көкбөрү оюндары өткөрүлүүчү аянты ж.б. спорттук оюндар үчүн кенен жайлары бар. «Кароол чокунун» бийиктиги 175 метр. Анын тик чокусуна чейин таш жолдор курулган. Ал болсо тоого чыгып, бийик жерди гана эмес, бүтүндөй Талас өрөөнүн алаканга салгандай тегиз көрүнүшүн камсыз кылган. «Кароол-Дөбөнүн» кылда чокусунда добулбас орнотулган. Бул ошол доордон кабар берип турат.

"Манас күмбөзүнө" Кытай, Германия, АКШ, Польша, Түркия, Монголия, Россия, Казакстан, Тажикстан, Азербайжан жана башка өлкөлөрдөн өкүлдөрдүн, туристтердин үзбөй каттап турушу, күндө жүздөгөн адамдардын күмбөзгө келишип, таанышып, зыярат кылышы "Манас күмбөзүнүн" кадыр-баркынын бийиктеп баратканын көрсөтүп турат.

Ыйык жерде кайсыл улуттун өкүлдөрү болбосун Манас Атага таазим кылышат. Ызаат кылышат. Ыйбаа кылышат. Сыйлашат. Баркташат. Мына ушунун өзүнөн элдердин достугу байкалып турат. Улуттар аралык ынтымак, биримдик байкалып турат. Айрыкча "Манас" эпосунун 1000 жылдык маарекесинен кийин күмбөздүн айланасы ого бетер көркүнө чыкты. Өкмөтүбүз менен облус жетекчилери тарабынан көзөмөлгө алынды. Моралдык колдоо көрсөтүлдү. Эң башкысы калайык калктын Манас Атага болгон зор ишеничи артты. Бүгүнкү күндө ар бир үй-бүлө, эмгек жамааттары, ыйык жайга зыяратка келиши күндөн-күнгө, жылдан-жылга көбөйүүдө. Бийиктиги 24 метр Манас Атанын эстелиги тургузулуп, ал ар бир адамдын ички дүйнөсүнө башкача таасир берип турат.

"Манас Ата" күмбөзүнүн айлана-тегерегинин көрктөнүп баратышы, ак дил төшөгөн ар улуттун өкүлдөрүнүн келип ырахат алып турушунун өзү эле руханий дөөлөт. Жаратылыштын коoздугу, керме тоолор менен көрктүү "Кеңкол Ата" өрөөнү, шар аккан Талас дайрасы, жапжашыл тармал токойлору келген меймандарды ажайып ойлорго салаары белгилүү. Анткен себеби, кыялды кытыгылаган атыр жыттуу желаргысы, акак булактары (Каныкейдин, Айчүрөктүн, Чачыкейдин ысымдары менен аталган), күн чубактуу көк жайык конуштары керемет жай.

Ушундан улам дүйнө элдеринин өкүлдөрү, республикабыздын булуң-бурчунан үзүлбөй каттап көңүл сергиткен адамдар убап-чубап келишүүдө. Алар үчүн жакшы шарттар түзүлүп коюлган.

"Манас Ата" күмбөзүнөн бүгүнкү Кыргыз Улуттук "Манас Ордо" комплексинин көз жоосун алган абалына келишине жана Президентибиз Аскар Акаевдин идеясын турмушка ашырууда Республикада көрүнүктүү жетекчи ишмерлер: А.Бөрүбаев, А.Эркебаев, О.Ибраимов, Т.Акматалиев, М.Акаева, Б.Шерниязов, М.Субанов, А.Султанов, Э.Назаралиев, Б.Абилдаев, М.Темирбеков, Ж.Түлөбердиев, ал эми ар кайсы мезгилде Талас облусттук мамлекеттик администрация башчылары - губернаторлор: Т.Касымов, Т.Керексизов, И.Масаитов, К.Карачалов. И.Айдаралиев жана бүгүнкү күнгө чейин жетекчилик кылып жаткан Кыргыз Улуттук "Манас Ордо" комплексинин Башкы директору Ж.Чынаевдин баа жеткис эмгектери бар.

**БУЛ КҮМБӨЗ ЫЙЫКТЫКТЫН УЮТКУСУ**

*(Кыргыз улуттук "Манас Ордо" комплексине арналат)*

*Бул күмбөз - ырыс тамчы таамп турар,*
*Бул күмбөз - ыйман нуру жаап турар…*
*Күмбөзгө сыйынгандар тирүүлүктө,*
*Күмбөздөн аруулукту таап турар...*

*Ыймандык ак сарайын курап турар,*
*Меккедей ыйыктыкты улап турар.*
*Бул күмбөз Манас ата арбагындай,*
*Теңирден бир жаралган ыйык тумар…*

*Ажайып пенде сезбес туюк сырлуу,*
*Адилет - теңир берген бир сыйынуу.*
*Бул күмбөз - аруулуктун алтын тагы,*
*Арамдык жеңе албаган ыйык кушу…*

*Таланттан кемибеген даам тузу,*
*Татыктуу дүйнөгө аты угулушу…*
*Түбөлүк Манасындай ыйык тутчу,*
*Бул күмбөз - ыйыктыктын уюткусу…*

*Күмбөзгө көч улашып кайрымдуулар,*
*Кыргыздан арылбасын аруулуктар…*
*Бар болсун… Манас Ордо кыргыз үчүн,*
*Меккедей… аалам эли көңүл бураар!*
*Меккедей аалам эли келип тураар.*

**Масалбек Шабданов,**
**акын,**
**Бакайата району.**

### “Манас күмбөзү” түзүлгөндөн баштап, бүгүнкү Кыргыз Улуттук “Манас Ордо” комплексинин дирекциясына чейинки мезгилдерде иштешкен директорлор жана алардын эң негизги ишмердигинен маалымат

(N1 - тиркеме)

| к N | Директорлор | Иштеген мөөнөттөрү | Негизги приоритеттүү аткарган ишмердиктери |
|---|---|---|---|
| 1. | Сулайманов Зарлык | 1977-1982-жж. | Музейди түзүү жөнүндө алгачкы жумуштар башталган, экспонаттарды чогултуу кыймылга келген. |
| 2. | Турдугулов Кайназар | 1982-1984-жж. | Музей экспонаттарын ырааттуу чогултуу иши башталган. |
| 3. | Кудайбергенов Аттокур | 1984-1990-жж. | “Манас” эпосу музейинин жаңы имаратын куруу башталган. |
| 4. | Нурбеков Кеңешбек | 1990-1991-жж. | “Манас” эпосу музейинин курулушу улантылган. |
| 5. | Давлеталиев Үсөнбек | 1991-1993-жж. | Музейдин дирекциясы мамлекеттик музей-коругунун дирекциясына айландырылган. Областтык кеңештин түз башкаруусуна өткөрүлгөн. 22 га жер корукка бөлүнүп берилген. 1000 түп алма көчөтү отургузулган. “Манастан аянба калайык” биринчи телемарафону өткөрүлгөн. |
| 6. | Чынаев Жеңишбек | 1993-1995-жж. | Өлкөнүн Президентинин демилгеси жана Указы менен “Манас” эпосунун 1000 жылдыгын даярдоо жана өткөрүү боюнча Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы алгачкы жолу “Манастын күмбөзү” маданий-тарыхый Ишкер долбоору түзүлүп, музей коруктун дирекциясы анын карамагына өткөн. “Манас” эпосу музейинин курулушу көп аракеттер менен аяктап, комплекстеги маданий объектилер ыкчам башталып, маараке алдында бүткөрүлгөн. “Манас” эпосунун 1000 жылдык маарекеси ийгиликтүү өткөрүлгөн. Талас областынын аймагында жайгашкан музейлер “Манас күмбөзү” Ишкер долбооруна баш ийдирилген. |
| 7. | Алибаев Досумбек | 1993-2000-жж. | Алма жана декоративдик бакты өстүрүүдө, жерди пайдаланууну жакшыртууда, көмөкчү чарбаны түзүп, өркүндөтүүдө, эмгек жамаатын калыптандырууда жана кошумча зарыл штаттарды ачууда эмгеги чоң. Директорлордун ичинен узак эмгектенген жетекчи. |
| 8. | Сыдыкбеков Нуржан | 2000-2001-жж. | “Манас Ордо” комплексинин “Улуттук” статус алышына эмгеги бар. Областтык зыяратты уюштурууда демилгелүү иштеген. |
| 9. | Чынаев Жеңишбек | 2001-жылдын 24-мартынан баштап | Кыргыз Улуттук “Манас Ордо” комплекси Өкмөттүн түз башкаруусуна кайрадан өткөн. Комплекстин штаттык расписаниеси жаңыдан түзүлгөн. “Айкөл Манастын” эстелиги элдин күчү менен тургузулган. Комплекстин негизги жолдору асфальтталып, тротуарлар, объектилердин айлана-тегереги декоративдүү плиталар менен төшөлгөн жана кооз бордюрлар орнотулган. Гүлзар бакка көптөгөн түрдүү декоративдик дарактар кошумча отургузулган. “40 чоронун” эстелиги башталып, бүткөрүлгөн. Республикалык деңгээлдеги зыярат салтка айлана баштаган. |

**Кыргыз Улуттук “Манас Ордо”**
**комплексиндеги курулуштардын тизмеси**
(N2-тиркеме)

| к N | Курулуштун аталышы | Курулган жылы | Заказ берүүчү | Долбоордун автору | Аткаруучу |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Мейманкана 24 орундуу | 1994-1995-жж. | “Манас күмбөзү” Ишкер долбоору, Башкы директору Чынаев Ж., инженери Ногойбаев К. | Архитектору Асылбеков Р. | АО “МПМК-Талас” начальниги Төрөбеков К. |
| 2 | Чайкана 40 орундуу | 1994-1996-жж. | “Манас күмбөзү” Ишкер долбоору, Башкы директору Чынаев Ж., инженери Ногойбаев К. | Архитектору Асылбеков Р. | АО “МПМК-Талас” начальниги Төрөбеков К. |
| 3 | Түлөөкана | 1994-1995-жж. | “Манас күмбөзү” Ишкер долбоору, Башкы директору Чынаев Ж., инженери Ногойбаев К. | Архитектору Асылбеков Р. | АО “Алтынказык” начальниги Базеков К. |
| 4 | Шыпаакана | 1994-1995-жж. | “Манас күмбөзү” Ишкер долбоору, Башкы директору Чынаев Ж., инженери Ногойбаев К. | Архитектору Асылбеков Р. | АО “Хан-Тенгри” начальниги Кыдырбаев Н. |
| 5 | “Манас” эпосу музейи | 1987-1995-жж. | УКС Талас областы | Архитектору Нурбеков Э. | АО “Акчий” Баязов А. |
| 6 | Ат майдан трибунасы менен | 1994-1995-жж. | “Манас күмбөзү” Ишкер долбоору, Башкы директору Чынаев Ж., инженери Ногойбаев К. | Архитектору Асылбеков Р. | АО “Алтынказык” начальниги Базеков К. |
| 7 | “Манас Ата” гүлзар багы | 1994-1995-жж. | “Манас күмбөзү” Ишкер долбоору, Башкы директору Чынаев Ж., инженери Ногойбаев К. | Архитектору Асылбеков Р. | АО “Алтын-Казык” начальниги Базеков К. |
| 8 | Арка | 1995-ж. | “Манас күмбөзү” Ишкер долбоору, Башкы директору Чынаев Ж., инженери Ногойбаев К. | Архитектору Асылбеков Р. | АО “Хан-Тенгри” Кыдырбаев Н. |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 9 | “Кырк-Чоро” көпүрөсү | 1995-ж. | “Манас күмбөзү” Ишкер долбоору, Башкы директору Чынаев Ж., инженери Ногойбаев К. | Архитектору Асылбеков Р. | АО “Хан-Тенгри” Кыдырбаев Н. |
| 10 | “Айкөл Манас” эстелиги | 2001-ж. | Кыргыз Улуттук “Манас Ордо” комплекси, Башкы директору Чынаев Ж. | Архитектору А.Солтобаев, скульптору Б.Батырбаев | Фирма “РиД” Рысалиев Т. АО “Хан-Тенгри” Кыдырбаев Н. |
| 11 | “Айкөл Манас”, (“Кырк-Чоро”, “Бакай”, “Кошой”, “Каныкей”, “Жакып”) архитектуралык-скульптуралык ансамбли | 2002-2003-жж. | Кыргыз Улуттук “Манас Ордо” комплекси, Башкы директору Чынаев Ж. | Архитектору А.Солтобаев, скульптору Б.Батырбаев | Кыргыз Улуттук “Манас Ордо” комплекси, башкы инженер Ногойбаев К. |
| 12 | Көрктөндүрүү жана жашылдандыруу | 1995-2003-жж. | Кыргыз Улуттук “Манас Ордо” комплекси, Башкы директору Чынаев Ж., экология борборунун директору Кыялбеков К. | Архитектору Солтобаев А. | Кыргыз Улуттук “Манас Ордо” комплекси, башкы инженер Ногойбаев К. |



**Талас өрөөнүндө жайгашкан Манаска байланыштуу ыйык мазарлардын, жерлердин аталыштары**
(N3-тиркеме)

| к N | Ыйык мазар-лардын аталыштары | Аралык Ордодон башталып, километр менен эсептелинген | Негизги көңүл буруучу касиеттери |
|---|---|---|---|
| 1 | Эпостук-тарыхый Кеңкол өрөөнү | Төрүнө чейин 32 км | Жеринин укмуштай кооздугу, сууларынын тазалыгы, дарылык касиети, абасынын жагымдуулугу. Өрөөн Манастын, 40 чоронун эс алуучу жайы катары белгилүү. |
| 2 | Бакай Үңкүр | 30 км | Бакай үңкүр өрөөндүн кооз төрүндө жайгашкан. Душмандашуу күчөп турган мезгилдерде, көздөн далда болууга туура келген жана кысталыш-кыйын, касташкан кездерде үңкүрдө жашырын кеңештер өткөрүлөт деп айтылат. Мында өткөн Бакай кеңештердин үзүрү элге тийген делет. |
| 3 | Чачыкейдин Өзөнү | 10 км | Чачыкейге таандык келишкен өзөн. Чачыкейдин изи түшкөн таш жөнүндө уламыш бар. Таш күмбөздүн жанына алынып келинген. Ал жердин абасы таза, салкын, суусу дары. |
| 4 | Манастын Осуяты | 13 км | “Чочой” өзөнүндөгү аска бетине чегилген петроглифтер. Окумуштуулар тарабынан окула элек, сыры катылуу, табышмагы көп. |
| 5 | Айчүрөктүн Акчынары | 6 км | Талас токоюнун ортосунан орун алган. Эл көп сыйынган жер. Көктү тиреген эки зор дарак. Айлана-тегереги жапжашыл. Айчүрөктүн сүйгөн, эс алган, ыйык туткан чынарлары болгон экен. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 6 | Эчкилүү Тоо (тескей бети) | 56 км | Каныкей Манастын сөөгүн каткан тоо катары элде айтылып келет. Ыйык мазарлар, булактар көп. Бийиктиги, тазалыгы, ыйыктыгы, кооздугу менен өзгөчөлүү. |
| 7 | Ылды Ата | 30-35 км | Эл көп каттай турган ыйык мазары бар. Табышмактуу жери суусу агып чыкпайт. Тегереги табигый өтө бийик курчалган ажайып жер. Суусун эл ташып ичишет, дарылык касиети арбын. |
| 8 | Каныкейдин Булагы | 1,3 км | Кеңкол өзөнүнүн күн чыгыш жээгинде. Мазар, эл аягы үзүлбөйт. Суусунун көптөгөн ооруларга дарылык касиети бар. Айыккан адамдар көп. |
| 9 | Айчүрөктүн Булагы | 2 км | Талас токоюнун түндүк жээгинде. Айчүрөк аккуу кебин чечип, биринчи жолу жүзүн чайынган булак катары айтылат. Суунун көп ооруларга дарылык касиети аныкталган. |
| 10 | Манастын Чакмак Ташы | Манастын күмбөзүнүн жанында | Кеңкол өзөнүнүн "Борду" деген жеринен алынып келинген. Манастын төлгө ташы катары белгилүү. |
| 11 | Кароол Дөбө (чоку) | Манастын күмбөзүнүн жанында | "Манас Ордонун" сыймыгы. Бийиктиги 175 м. Аска беттеринде байыркы жазуулар, петроглифтер бар. Чокудан бүт Талас өрөөнү көрүнөт. Ордонун ыйык жеринин бири. Катылуу сырлары көп. |
| 12 | Кулан корук | 7-8 км | Азыркы "Акдөбө" деп аталган байыркы шаар урандысынын айлана-тегереги. Аймагы бийик сепил менен курчалган. Ушул жерде Манаска тиешелүү куландар багылган деген уламыш бар. Тоо этегинде мазары бар. |



| | | | |
|---|---|---|---|
| 13 | Манас Тоосу (чокусу) ("Манас атанын ак кар, көк музу" Ч.Айтматов) | ≈127 км | Карабуура районунун түштүк-батыш жагында жайгашкан. Бийиктиги 4470 метр. Өрөөндөгү эң бийик чоку. "Манас" тоосунан айтылуу "Күркүрөө" суусу башталат. Жаратылышынын кооздугу менен белгилүү. |
| 14 | Чоң Кошой | 115 км | Кошой баатыр жайлаган төр. Талас дарыясы ушул төрдөгү билектей өзөндөн башталат. Ажайыптыгы, суусунун тунуктугу менен өзгөчөлөнөт. |
| 15 | Бакай Таш | ≈70 км | Бакайга тиешелүү жайлоо. Жоодон чарчап-чалыгып келген учурда аталган төргө чыгып, энергия, күч-кубат жыйнап түшчү экен. Аты улук, көз жоосун алган жайлоо. |
| 16 | Зулпукордун Күмбөзү | ≈39 км | Талас районуна караштуу "Арал" айылынын түштүк тарабынан 1,5 км. аралыкта, тоо этекте жайгашкан. Байыркы тарыхый-архитектуралык эстелик. Изилдене элек. Манастын кылычына байланыштуу легенда бар. Ыйык мазар, эл көп келет. Жаратылыш берген кооздугу зор. |
| 17 | Талас Токою | 1,5 км | Талас өрөөнүнүн баш-аягына созулат. Жалпы узундугу 200 км. Жакын туурасы 1-3 чакырымды түзөт. Ортосунан Талас дарыясы бөлүп агат. Каныкей апанын сүрөттөгөнүндөй эле кооздукка ээ. Талас элинин сыймыгы, кудай-тааланын ата-бабаларга белеги. Талас өрөөнүнүн өзгөчөлүгү ушул токойго да байланыштуу. Эр Манастын мекени, токою. |

**МҮНҮР МАМБЕТАЛИЕВ**


*“Манас Ата” күмбөзү тууралуу баян*

Башкы редактору *Искендербек Айдаралиев*
Баш сөзүн жазган жана чыгышына жооптуу редактор *Жеңишбек Чынаев*
Техникалык редактору *Эмиль Нарботоев,*
Корректору *Жамийла Кочкорбаева*
Сүрөтчүлөрү: *Эмиль Нарботоев, Аскарбек Абдыгулов, Сагын Аильчиев*
Китепти компьютердик калыпка салган *Ч.Сатибекова*

Басууга 9.04.04 кол коюлду.
Форматы 60 х 84/16. 3,0 физ. б. т. + 1,0 вкл.
Заказ № 538 . Нускасы 3000.

«Учкун» АКнын басмаканасында басылды.
720030, Бишкек, С.Ибраимов көчөсү, 24.

# КОМПЛЕКСТИН КАРТА - СХЕМАСЫ




1. Комплекстин алтын дарбазасы.
2. Комплекстин дирекциясынын имараты.
3. Манас таануу борбору.
4. Автоунаа токтоочу жай.
5. "Кырк Чоро" архитектуралык-фольклордук көпүрөсү.
6. "Манас Ата" гүлзар багы.
7. "Айкөл Манас" архитектуралык-скульптуралык ансамбли.
8. Айкөл Манастын 12 канат Хан өргөөсү.
9. "Манас" эпосу фольклордук-этнографиялык музейи.
10. "Манастын күмбөзү" тарыхый-архитектуралык эстелик.
11. Түлөөкана.
12. Элдик дарыгерлер борбору.
13. "Аккула" ат майданы.
14. Кароол чоку.